**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:** 130.1 (575.2) (043.3)

**БЕЙШЕНОВА АЙСУЛУУ ТИЛЕКОВНА**

# «ЧЫГЫШ-БАТЫШ» ДИХОТОМИЯСЫ: ЖАҢЫ РЕАЛИЙЛЕРИ ЖАНА ПАРАДИГМАЛАРЫ

09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2020**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий консультанты:** **Тогусаков Осмон Асанкулович**
КРнын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор, КРнын Улуттук илимдер академиясынын Вице-президенти

**Расмий оппоненттери:** **Стамова Рахат Дуйшембуевна**
философия илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн башчысы

**Нусупов Чолпонбай Токбаевич**
философия илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору

**Токоева Гулдана Самидиновна**
философия илимдеринин доктору, профессор, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы

**Жетектөөчү мекеме**: Кыргызстан Эл аралык университетинин философия кафедрасы (МУК), Дареги: 720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспектиси 255.

Диссертациялык иш 2020-жылдын “25”- сентябрында саат 12.00 дө. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.19.591. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.), андан тышкары К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасында (Бишкек шаары Тынчтык пр. 27) жана Диссертациялык кенештин сайтында таанышууга болот www.fil.kg. Коргоонун идентификаторуу: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2020-жылдын “25”- августунда таркатылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты** **Ж.К.Асанов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы мезгилдин бирден-бир аныктоочу белгилеринен болуп ааламдашуу процессинин натыйжасында абдан тез жана түп-орду менен болуп жаткан өзгөрүүлөр эсептелет. Бүгүнкү күнү биз абдан татаал, карама-каршы калыптанып жаткан бардык планеталарынын чегиндеги мегакоомдун калыптануусунун күбөсү эле эмес, анын фактылык катышуучулары да болуп саналабыз. Аталган процесске тартылган элдер жарым-жартылай мындай олуттуу социалдык-экономикалык, саясий, жалпы маданий, менталдык жана башка айырмачылыктарга ээ, конфликт манызы жагынан аталган айырмачылыктар цивилизациялык өзөккө ээ болгон учурда, анын атрибутивдик белгиси болуп калат. Белгилүү россиялык саясат таануучу В.Б.Кувалдин акыйкат белгилегендей, ааламдашуу процесси саясий системалардын же маданий нормалардын көп же аз унификацияланган формалардын принципиалдуу салмаксыздыгы менен жаралган кыйынчылык менен багындырылган тоскоолдуктарга маданият чөйрөсүндө дуушар болгон. Ааламдашуучулук процесстердин чон конфликттүүлүктүн бирден-бир маанилүү себептеринен болуп жашоо образында болмуштун негизги маселелерине карата адамзат коомунун социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүнүн денгээлиндеги фундаменталдуу айырмачылыктар эсептелет. Айта турган нерсе, бүгүнкү күнү аталган айырмачылыктар адамзат ар кыл ченемдерде жашашат" [Кувалдин, В.Б. Глобализация – светлое будущее человечества? // НГ-сценарии. – М., 2000. – № 9, 11 октября. 27-б.].

Аталган цитатада берилген фундаменталдык айырмачылыктар социумдардын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүнүн денгээлинде, жашоо образында, болмуштун негизги маселелерине карата, эреже катары, цивилизациялык негиздерге ээ, ал көпчүлүк учурларда конфликттерге цивилизациялык мүнөздү берип турат. Бирок ааламдашууда таптакыр эле терс белгилерди кароо терен жаңылыштыка алып келет, анын үстүнө ал өзүнө билимдердин көлөмүнүн олуттуу жогорулашы, илим менен техниканын буркан-шаркан өнүгүүсү менен шартталган адамзаттын өнүгүүсүндөгү табигый жана айныксыз этабын камтып турат. Аталган кырдаалды, андан тышкары адамзат өнүгүүсүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн жана эволюциясынын маңызы болуп дайыма алдыга болуп туруучу туруктуу кыймыл эсептелерин эске алуу менен адамзат кандай гана терс натыйжаларга алып келбесин андан аркы өзүнүн өнүгүүсүнүн альтернативасынан дээрлик айрылып калган деген жыйынтыкка келүүгө болот.

Белгилей кетүүчү нерсе, технологиялардын өнүгүүсүнүн натыйжасында бошонуп чыккан күчтөр оң маанайдагы учурлардын тышкары, тилекке каршы, жалпы адамзаттык цивилизациянын эле эмес, анын жеке түзүүчүлөрүнүн көптөгөн, ар кыл коркунучтарын да камтып турат. Алсак, жашоонун формаларын теңдөө маданияттын көптөгөн салттуу элементтеринин, анын байлыгы менен бүткүл адамзаттын жетишкендиктеринин жоголуусуна жана маданий боштукка алып келет.

Ааламдашуу процессинде пайда болуп, топтолгон маселелерге болгон изилдөөлөрдүн топтому уламдан-улам бүткүл дүйнө, кээ бир цивилизациялар, элдер, социумдар жана ар бир адам башынан кечирип жаткан тектоникалык өзгөрүүлөргө ыңгайлашат.

Чыгыш менен Батыш салттуу түрдө бири-бирине көмөк, таасир көрсөтүп, азыркы мезгилде өзүнүн жашоо турмунда кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон жалпы адамзат маданиятынын кыйла ири түзүүчүлөрүнө таандык болот. Кыргыз эли, заманбап башка элдер сыяктуу эле азыркы мезгилде олуттуу маданий трансформацияларга дуушар болууда, анда анын негиздери каралат жана келечекте күчөгөндүн үстүндө гана болот, аларга болгон илимий-теоретикалык ой жүгүртүүнү жана баа берүүнү талап кылат.

Реалдуулуктун олуттуу өзгөрүүлөрү айныксыз түрдө ага болгон көз караштардагы, теоретикалык түзүлүштөр менен парадигмалардагы ылайыктуу өзгөрүүлөргө алып келет. Парадигма деп философияда илимдин өнүгүүсүнүн тигил же бул этабында таанылып, илимий изилдөөлөрдүн мүнөзү менен багытын аныктоочу таасын жана таасын эмес өбөлгөлөрдүн жыйындысын, андан тышкары эволюциялык ишмердүүлүктүн гносеологиялык моделин жана эволюциялык чечимдерди кабыл алуунун универсалдуу методун түшүнүүгө болот. Парадигманы мындай түшүнүүгө ылайык алар өзүнөн өзү эмес, реалдуулукту түзгөн таасын жана таасын эмес өбөлгөлөрдүн бардык жыйындысы кандайча өзгөрөт, ошог жараша өзгөрүп турат. Ошентип, трансформацияланууучу реалдуулук зарыл түрдө парадигмалардын өзгөрүүсүнө алып келет, ошондуктан тигил же бул парадигмалар кандай ыраатуулукта өзгөрөөрүн түшүнүү үчүн кандайча жана кандай кырдаалда, кайсыл мыйзамдар жана кайсыл багытта, объективдүү мүнөзгө ээ болгон реалдуулуктун өзү зарыл түрдө өзгөрөөрүн түшүнүү зарыл. Парадгималарга болгон мындай ыкма өзүнүн изилдөөчүлүк көңүлүн реалдуулук менен болуп жаткан кыйла терең трансформацияларга буруугa мажбурлайт. Тышкы өзгөрүүлөргө, тагыраак айтканда аталган өзгөрүүлөрдүн кыйла олуттууларына баа берүү жана талдоо менен биз айныксыз түрдө парадигмаларды түшүнүүгө жылабыз, андыктан акыркысы акыр аягында теоретикалык чагылуу жана аталган өзгөрүүлөрдүн берилүүсү болуп эсептелет. Жогоруда айтылгандын баарысы изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугун шарттады.

Кыргыз маданиятынын къптъгън цивилизациялык белгилери ата-мекендик окумуштуулар Т.А.Абдылдаевдын (1986), С.М. Абрамзондун (1949, 1990), А.А.Айтбаевдын (2007), Ш.Б.Акмолдоеванын (1998), А.Алтымышбаевдын (1980, 1985), Б.Аманалиевдин (1970), М.М. Амердинованын (2002), М.Т.Артыкбаевдын (1986), А.А.Асанкановдун (1997, 2003), Р.А.Ачылованын (1987), Ж.А.Аширалиевдин (2008), А.Байбосуновдун (2009), Г.Л. Бакиеванын (2000), Б.Жамгерчиновдун (1959), Э.Ж.Жоробекованын (2008), М.Ж.Жумагуловдун (2006, 2010), А.И.Исмаиловдун (2002), А.Ч.Какеевдин (2003), Н.К.Кулматовдун (1994),

Г.С.Мамбеталиеванын (2007), И.Молдобаевдын (2003, 2005), Ы.М.Мукасовдун (1999), А.И.Нарынбаевдын (2004), Ш.М.Ниязалиевдин (1996), Ч.Т.Нусуповдун (2000,2007), В.М.Плоскихти (1977), Д.И.Сарыгуловдун (2001), Р.Д.Стамованын (2008), О.А.Тогусаковдун (1991, 2001), А.И.Токтосунованын (2007), Ж.К.Урманбетованын (1997, 2000), У.Чиналиевдин (2000) ж.б. эмгектеринде изилденип, берилген.

Биздин изилдөө үчүн ар кыл мезгилдеги россиялык изилдөөчүлөр менен ойчулдардын, В.В.Бартольдун (1996) , У.Беканын (2008), Н.А.Бердяевдин (1989, 1990, 1993, 1994), А.Н.Бернштамдын (1998), Б.Н.Бессоновдун (2006), Л.Е.Грининдин (2008), Л.Н.Гумилевдун (1967, 1993), Н.Я.Данилевскийдин (1991), А.Дугиндин (1997), Ю.Игрицкийдин (2006), С.Г.Кляшторныйдын (2003, 2009), Н.И.Лапиндин (2000), В.М.Масондун (2003), А.П.Назаретяндын (1995), А.С.Селищевдун (2004), Л.И.Федорованын (2006), С.Филатовдун (2009), С.Л.Франктын (1992), Ю.С.Худяковтун (1995) эмгектери чон кызыгууну жаратты.

**Диссертациянын темасы илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышкан**. Ал Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги **максаты** болуп дихотомиялык байланышта каралган Чыгыш менен Батыштын салттуу пардигмаларынын трансформациясына болгон социалдык-философиялык талдоо, алардын заманбап карым-катнаштарын тактоо, андан тышкары кыргыз этносу менен байланышкан парадигмалардын өзгөрүүлөрүнө болгон талдоо жүргүзүү эсептелет.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1.“Батыш” жана “Чыгыш” категориялары менен байланышкан кыйла олуттуу концепцияларга талдоо жүргүзүү;

2.Чыгыш менен Батышты баяндоо менен байланышып, конкреттүү тарыхый контекстте алынган салттуу парадигмаларды изилдөө;

3.Негизги тарыхый процесстер жана тенденциялар – дифференциация менен интеграциянын алкагындагы Чыгыш менен Батышты талдоого алуу;

4.Тарыхый процесстин жүрүшүндө болуп жаткан «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмелеништеринин өзгөрүүсүн талдоо алуу;

5.Батыштын индустриалдык доорго болгон тездетилген өнүгүүсүнүн себептерин ачып берүү;

6.Чыгыш менен Батыштын парадигмаларынын заманбап трансформацияларын ачып берүү;

7. Ссалттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүсүнүн исламды кабыл алуусуна байланыштуу талдоого алуу;

8.Тарыхтын жаңы мезгилиндеги салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүсүн аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору жана аппаратурасын** чыгыш жана Батыш деген суперцивилизациялар сыяктуу глобалдык маданий-географиялык феномендерди баяндоого жана талдоого алууга тиешеси бар чет элдик жана кыргыз философиялык ойломунун өкүлдөрүнүн көз караштары, идеялары, жоболору жана эмгектери түздү. Изилдөөнүн процессинде илимий таанымдын системалык, формалдык-логикалык жана тарыхый методдору колдонулду. Изилдөөнүн методологиясы социалдык-тарыхый өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарынын болуусун таанууга негизделген.

Изилдөөнүн темасы өзүнөн өзү тегерегинде бүткүл изилдөөчүлүк процесс топтолгон цивилизациялык ыкманы кеңири колдонууну билдирген

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Кыргызстандын философиялык ойломунда азыркы мезгилге чейин «Чыгыш» жана “Батыш” деген адамзаттын бардык тарыхындагы эки негизги супер цивилизациялардын ортосундагы дихотомиялык байланышты, азыркы мезгилде болуп жаткан алардын терең трансформациясын изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгына төмөнкүдөй жеке учурларды таандык кылууга болот:

-“Батыш” жана “Чыгыш” фундаменталдуу категорияларына таандык кыйла олуттуу концепциялардын маданий-цивилизациялык ыкмасын пайдалануу менен социалдык-философиялык талдоо жүргүзүлдү;

-конкреттүү тарыхый алкак менен алардын эволюциясында алынган Чыгыш менен Батыштын салттуу парадигмалары изилденди;

-негизги тарыхый процесстер менен тенденциялар – дифференциация менен интеграциянын алкагындагы Чыгыш менен Батышка талдоо жүргүзүлдү;

-тарыхый процесстин жүрүшүндө болуп жаткан «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмеленишинин өзгөрүүлөрүнө социалдык-философиялык талдоо жүргүзүлдү;

-Батыштын өнүгүүсүн индустриалдык доорду карай алдыга озуусун шарттаган себептердин бир катары ачылып, сунушталды;

-Чыгыш менен Батыштын парадигмаларынын заманбап өзгөрүүлөрү ачылып берилди;

-кыргыз элинин исламды кабыл алуусу менен шартталган салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүсү талдоого алынды;

-тарыхтын жаңы мезгилиндеги салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүлөрү ачылып берилип, талдоого алынды.

Илимий жаңылыкка коргоого сунуш кылынган кээ бир жоболорду таандык кылууга болот.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси** «Чыгыш»-Батыш» классикалык дихотомиясынын заманбап трансформацияларынын себептери жана мүнөзү туурасындагы социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө жана аталган дихотомиянын ылайыктуу парадигмаларынын өзгөрүүсүндө турат. Диссертациянын материалдары,

андан тышкары социалдык-философиялык концепцияга жалпыланган изилдөөнүн корутундулары менен жоболору Азия мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын элдеринин башка элдер жана дүйнө мамлекеттеринин ортосундагы заманбап карым-катнаштарды талдоого алууда колдонулушу ыктымал.

Диссертациянын материалдары, андан тышкары изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык ыкмылары, принциптери, жоболору, корутундулары менен натыйжалары социалдык философия, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу, дүйнөлүк маданияттын тарыхы, глобалистика жана башка гуманитардык предметтер боюнча атайын курстарды түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын материалдары ЖОЖдо жогоруда көрсөтүлгөн предметтер боюнча лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Бир нече кылымдарга уланган Батыштын дүйнөлүк өнүгүүдөгү үстөмдүк кылуусу бир элестөөлөрдү, образдар менен мифтерди жоготууда жана Батыштын стратегиялык максаттары менен кызыкчылыктары менен катар жаңы элестөөлөрдү, образдарды жана мифтерди түзүүнү жөнгө салып, эки жактуу иш алып барган тараптардын күчтөрүнүн карым-катнаштарын чагылдырган. Андыктан ал салыштырмалуу көпкө Батыштын пайдасында болгон болсо, анда Чыгыштын салттуу жана алдын ала аныкталган артта калуучулугу туурасындагы көз караш калыпанган. Гуманитардык жана европалык илим Батыштын саясатына, кызыкчылыктарына анын дымагына баш ийген. Көпчүлүк жагынан бул белгилүү бир деңгээлде концепцияларга таасири тийбей коймок эмес.

2. Батыш менен Чыгыштын ортосундагы карым-катнаштардын конфликттик жана бир эле мезгилде атаандаштык мүнөзү белгилүү бир деңгээлде аталган карым-катнаштарга тиешеси бар Европадагы теоретикалык ойломдун багытын аныктады. Маңызы боюнча, Европанын гуманитардык ойлому, илими бир катар европалык мамлекеттердин саясий кызыкчылыктарын тейлей баштаган. Бирок бирден-бир башкы себеби болуп Европанын бир канча мамлекеттеринин өнүгүүнүн капиталистик фазасына өтүүсүнөн баштап европа дүйнөсү, цивилизациясы алдыга озунуп чыкты, бир жагынан, ага дүйнөлүк лидерликти, маданий, экономикалык, саясий, аскердик, илимий-техникалык жана технологиялык үстөмдүктү бир канча кылымдарга камсыз кылуусу, экинчи жагынан - интеллектуалдык жана изилдөөчүлүк европалык чөйрөдө иллюзияны жаратты, бул үстөмдүк түбөлүк болбосо да, абдан узакка созула турган кырдаал болгон. Биз заманбап адамзат, Батыш кантип акырындык менен өзүнүн лидерлигин жоготуп бара жаткандыгынын күбөсү болуп эсептелебиз.

3. XXI кылымда дүйнөнү, тагыраак айтканда, өзүнө аздыр-көптүр калыптанган белгилүү бир капиталистик дүйнөнү камтыган батыштык жана батыштыктан айырмаланып керемет этникалык, маданий жана менталдык көп түрдүүлүккө, ошондой болсо да анын бардык түзүүчүлөрү үчүн бир жалпы

касиетке ээ болуп, капиталистик эмес дүйнөнү камтып турган эки башка чоң бөлүккө бөлүү башталган. Батыш дүйнөсүнөн болгон принципиалдуу айырмачылыгы мына ушунда турат, анткени полярлаштыруу процессинин башкы фактору жана доминанты болуп Батыштын калган бардык дүйнөнүн, анын ичинде Чыгыштын салттуу дүйнөсүнө тийгизген таасирдин экспансионистик формасын активдүү кабыл алуу эсептелет. Андыктан Батыш өзүнүн алдына дүйнөнү өзүнүн образы жана келбети боюнча кайра түзүү түздөн-түз милдетин койгон эмес. Бул көмөкчү натыйжа. Негизги милдет катары дүйнөдө өзүнүн айныксыз үстөмдүгүн орнотуу саналат.

4. Ар бир адам тез калыптанып жаткан ааламдашуу процессинде жаңы дүйнөдө кандайдыр-бир ыңгайлуу багытта орун которуп жүрүү жана дүйнөнүн дээрлик бардык бурчунда болууга эле эмес, бардык маалымат булактарына, маданияттын бардык үлгүсүнө кайрылууга да реалдуу мүмкүнчүлүккө ээ болот. Азыр болсо азыркы дүйнөнүн таасын белгилери так каралып, миллиардаган адамдар спутниктик байланыш, глобалдык кибер мейкиндикке дээрлик көз ачып жумганчактагы жеткиликтүү интернет аркылуу каралат. Бирок мындай шарттар, айныксыз түрдө дүйнөлүк маданияттын көптөгөн үлгүлөрүнүн чыгарылуусу жана жоголуусу менен байланышкан, ошондой болсо дагы, аталган шарттар өзүнөн өзү жоголуп кетишпейт, тескерисинче, мүмкүн болгон бардык техникалык каражаттардын тез өнүгүүсүнүн эсебинен жалпылык мүнөзгө ээ болушат.

5. Батыш менен Чыгыштын ортосундагы заманбап карым-катнаштардын мүнөзү көпчүлүк жагынан ааламдашуу процесси менен аныкталат, адамзат түрүнүн өнүгүүсүнүн логикасына ылайык жеке дүйнөлүк чарбачылык жана каржылык системаны түзүүгө алып келип, жаңы кыйынчылык менен чечилүүчү карама-каршылыктарды жаратат, алардын бир бөлүгү цивилизациялык өзөккө же болбой калды дегенде цивилизациялык спецификага ээ. Ушуга байланыштуу ар кыл концепциялар пайда болду, алардын кээ бирөөлөрү футуристик мүнөзгө ээ же башкача айтканда, алар дүйнөнүн келечектеги картинасын жакынкы жаркын тарыхый келечекте эле эмес, салыштырмалуу оолактаган мезгилге да түзөт.

6. Азыркы мезгилде универсалдуу цивилизацияны түзүү мүмкүнчүлүгү менен зарылчылыгын негиздөөчү концепциянын мүөзү актуалдуулукка ээ болду. Маселе мындай цивилизацияны түзүүдө эмес, ал конкреттүү кандай болушу керек жана интеграция процесси жасалма түрдө ар кыл цивилизацияларды форсировкалоо аракети жеке биз күтпөгөн натыйжаларга алып келбейби, мына ошондо турат. Батыш мындай иш-аракеттерди жеке баалуулук базага, тартипке, саясий институттарга ж.б.у.с. чогултуу менен кабыл алат. Бирок мындай иш-аракеттердин эффективдүүлүгү салыштырмалуу түрдө күмөндүү мүнөзгө ээ, ошондой болсо дагы мамлекет менен элдердин толук интеграциялануусун четке какпайт. Бардык планетанын масштабындагы жеке экономикалык системаны түзүү бул кылымда жүзөгө ашырылбай калган милдет катары эсептелет. Бирок маселе акыркы максат

менен келечекте эмес, аталган процесстин форсировка болуусунун ылайык келбөөсүндө турат.

7. Европа анын салыштырмалуу олуттуу эмес көлөмүнүн натыйжасында, адегенде бир канча маданий борборлордо өнүгүп, убакыттын өтүшү менен мындай баалуулуктардын санын кыскартуу менен аталган касиетти жогото баштады. Заманбап Европа дагы деле өзүнүн олуттуу маданий көп түрдүүлүгүн сактап калгандыгына карабастан, ал заманбап массалык маданияттын кубаттуу басымынын натыйжасында акырындык менен жоголууда. Демек, азыркы мезгилдеги маданий көп түрдүүлүктүн жоголуусу жалпы дүйнөлүк тренд болуп эсептелет. Бирок тарыхый жактан Азия анын болуп көрбөгөндөй көлөмүнө, көп түрдүүлүгүнө жана аны байырлаган элдеринин көп сандуулугуна карабастан рассалык, маданий, менталдык жана башка өңүттөрдө бир канча негизги борборлорго ээ, алардын ар бири олуттуу спецификага ээ.

8. «Батыш-Чыгыш» дихотомиясы белгилүү бир деңгээлде зарыл болгон, маңызы боюнча, кайра жандандырылган, алынган, тарыхтын антикалык мезгилинен Батыштын глобалдык колониалдык саясатына байланыштуу пайда болгон маселенин саясий актуалдашуусунун жардамы аркасында оошуп келген, ал өзүнүн дүйнөдөгү үстүмдүгүн орнотуу менен ири категориялар менен оңдоп-түзөтүүнү тандаган. Ал тургай, европалыктар бир канча кылымдарда дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүнө, анын ичинде Азияга да өзүнүн үстөмдүгүн орноткон, Чыгыш Европанын илимий гуманитардык ойломунда олуттуу дифференциацияга дуушар болгон. Аны менен Батыштын эле эмес, Чыгыштын дагы чек араларын так аныктоого байланыштуу заманбап гуманитардык илимде уланып келе жаткан аныксыздык жана баш-аламандык түшүндүрүлөт.

9. Бир нече кылымдарга өзүнүн үстөмдүгүн камсыз кылуучу Батыш Европанын тездетилген өнүгүүсү дээрлик бир эле мезгилде иштеп кеткен көптөгөн себептер менен шартталган, аны белгилүү бир деңгээлде кандайдыр-бир керемет катары баалоого болот. Батыш Европада XVI кылымдын башталышында көптөгөн этностор жашашкан, ал болсо этникалык аралык атаандаштыкты күчөткөн, тигил же бул этнос канчалык деңгээлде ийгиликтүү бириккендигинен, уюшулгандыгынан анын жыргалчылыгы эле эмес, анын өзүнү жашоосу да көз каранды болгон. Дээрлик бардык Батыш Европа жашап кетүү үчүн чыңалуу абалына кирүүсү зарыл болгон абалга жеткен, ал табигый түрдө атаандаштыкты, аны менен бирге европа элдеринин чыгармачылык жана интеллектуалдык энергиясын, биринчи кезекте аскердик иш менен инженерияда стимулдаштырган.

10. Чыгыш бириккен күч катары чыкпайт, эч качан чыккан эмес жана чыкпайт дагы, андыктан ал бул үчүн абдан көп түрдүү жана кенири. Чыгыш менен Батыштын карама-каршы туруусу – бул Чыгыш мамлекеттери тигил жубул жол менен Батышка каршы иш алып барууда дүйнөлүк үстөмдүккө байлануу менен шартталган Батыштын башка дүйнөгө каршы туруусунун натыйжасы. Бири-бири менен коншулаш турган азиялык мамлекеттердин

ортосундагы карама-каршы туруусу жарым-жартылай азиялык жана батыш мамлекеттерине караганда курч мүнөзгө ээ. Азиянын көптөгөн мамлекеттери, анын ичинде Япония, Түштүк Корея, Тайвань, Сингапур, б.а. өнүгүүнүн постиндустриалдык фазасына өтүүнү жүзөгө ашыруучу өлкөлөр ич ара көптөгөн европа мамлекеттерине караганда Батыш менен кыйла тыгыз карым-катнаштарда болушкан. Көптөгөн азиялык мамлекеттер батыш маданиятынын олуттуу маданий таасирине дуушар болушкан. Бирок бул таасир улуттук маданияттарды түп орду менен жоготуу үчүн анчалык кубаттуу эмес.

11.Технологиялык цивилизациянын токтоосуз өнүгүүсү, экономикалык өсүүсү, адамдардын улам өсүп жаткан мобилдүүлүгү, маалыматтык каражаттардын кеңейүүсү менен шартталган жалпы адамзаттык маданияттын унификация тенденциясы айныксыз түрдө жеке технологиялык цивилизацияны түзүүгө алып келет, андан адамзат баш тарта албайт, андыктан мындай баш тартуу адамзат түрүнүн өнүгүүсүнүн логикасына карама-каршы келет. Аталган логиканын маңызы кыйла таасын жана жөнөкөй, ал адамдын кубаттуулугунун өсүүсү жаңы билимдерге кантип ээ болот, табияттын мыйзамдарын таанып билүү деңгээлине жараша болот, жалпы жонунан, адамзат зарыл түрдө планетанын элдерин интеграцияга бир бүтүндүк катары алып келген тааным процессинен оолактай албайт. Глобалдуу мүнөзгө ээ болгон бир катар маселелер бар экендигин айтпай эле коелу.

12. Заманбап Батыштын баалуулук системасы терең кризисте турат, ал Батыштын заманбап абалын мүнөздөөчү бирден-бир маанилүү заманбап парадигмалардан болуп эсептелет. Чыгыш туурасында айта турган болсок, анда ал үчүн мүнөздүү болгон керемет көп түрдүүлүк Чыгыш жеке баалуулук системасына ээ деп айтууга шарт түзбөйт. Экинчи жагынан, чыгыш элдеринин басымдуу бөлүгү биринчи кезекте баалуулуктардын салттуу системасын карманышат, көп түрдүү тарыхый тажрыйба көрсөтүп тургандай, баалуулуктардын ар кыл системаларынын туруктуулугуна ээ болуп, белгилүү бир деңгээлде тарыхый келечекке кепилдик берүүгө жөндөмдүү. Бул баарынан мурда, баалуулуктардын салттуу системасы, эреже катары, көп балалуу үй-бүлөлөр же эки-үч баласы барлар басымдуулук кылган элдер менен мамлекеттер үчүн мүнөздүү.

13. Кыргыз эли өзүнүн узак тарыхындагы дүйнө көз карашында, кабыл алуусунда жана реалдуулукка болгон мамилесинде кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө эки жолу ээ болду, алар курчап турган реалдуулуктун трансформациясы менен биргеликте болду. Биринчиден, кыргыздар бир нече кылымдар аралыгында мусулманчылыкка өтүштү. Экинчиден, тарыхтын советтик мезгилинде көчмөн жашоо образынан отурукташкан жашоо образына өтүштү. Аталган эки кадам биздин эл үчүн олуттуу натыйжаларга жана анын кийинки парадигмаларынын өзгөрүүсүнө да алып келди. Эгерде биринчи кадам дүйнө көз караштык жана менталдык тартиптеги олуттуу өзгөрүүлөргө алып келсе, ал эми экинчи кадам жашоо образындагы жана аталган жашоо образды аныктагандардын өзгөрүүсүнө алып келди.

14. Кыргыз эли олуттуу тышкы таасирлерге жана тарыхтын бардык кыйчалыштарына карабастан өзүнүн негизги маданий жана маңыздык жетишкендигин, дүйнөнүн этникалык картинасы, аны менен бирге психология, менталдуулук, элдин руху сыяктуу олуттуу цивилизациялык элемент, түзүүчү калыптанган тил сыяктуу белгисин сактап кала алды. Тигил же бул эл ар кандай кырдаалдарда өзүнүн нукура тилин жоготуу менен аны менен бирге мурунку психологиясын, менталдуулугун жана рухун да айныксыз түрдө жоготот. Кыргыздар жеке тилин сактап калуу менен өзүнүн өткөнүн, азыркысын жана келечегинин ортосундагы руханий жана менталдык чыйырын байланыштырган муундар ортосундагы ырааттуулукту да сактап калды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** "Чыгыш-Батыш" дихотомиясына социалдык-философиялык талдоо жүргүзүүнүн негизиндеги негизги илимий корутундулар жана жоболор менен аныкталат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы**. Диссертациянын негизги жоболору ар кыл илимий конференциялардын материалдарында, андан тышкары илимий басылмаларда, жаш окумуштуулардын илимий эмгектеринин жыйнактарында (2014, 2015), КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы ФУжСУИИнун "Жарчысында" (2015), анын ичинде төмөнкү чет элдик илимий басылмаларда апробацияланды: «Философия и культура» (Москва, 2018); Наука, техника и образование (Москва, 2019); Проблемы науки (Москва, 2019); Вестник науки и образования (Москва, 2019) ж.б.у.с. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн кенейтилген отурумунда талкууга алынды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылуусунун толуктугу.** 30 дан ашуун илимий эмгектердин автору, диссертациянын натыйжалары 17 рецензияланган илимий басылмаларда, анын ичинде РИНЦ импакт-фактору бар илимий журналдарда жана Web of Science, Scopus системасына кирген россиялык журналдарда жарык көргөн, о.э. 2 окуу-усулдук куралдын жана 1 монографиянын автору.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Иштин максаты менен милдеттерине туура келет. Диссертация киришүүдөн, өзүнө 8 параграфты камтыган 3 баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат, диссертациянын көлөмү - 292 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн объектиси менен предмети аныкталып, максаттары менен милдеттери такталып, диссертациянын методологиялык негиздери менен принциптери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, коргоого сунуш кылынган негизги жоболору, иштин теоретикалык жана практикалык мааниси ачылып

берилет, алынган натыйжалардын апробацияланышы тууурасындагы маалыматтар келтирилген.

«**Чыгыш-Батыш» дихотомия маселесинин теоретикалык-методологиялык аспектилери**» - аттуу *биринчи бапта* «Батыш» жана «Чыгыш» категориялары менен байланышкан кыйла олуттуу концепцияларга талдоо жүргүзүлүп, «Чыгыш» жана «Батыш» салттуу парадигмалары конкреттүү тарыхый контексте каралып, тарых процессиндеги «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмеленишинин өзгөрүүсү талдоого алынат.

*Биринчи баптын* **«Батыш» жана «Чыгыш» категориялары менен байланышкан кыйла олуттуу концепцияларга талдоо**» *аттуу биринчи параграфында* «Батыш» жана «Чыгыш» категориялары менен байланышкан кыйла олуттуу концепцияларга талдоо жүргүзүлөт.

Батыш европалык цивилизациянын андан аркы тагдырына жана анын башка маданияттар, цивилизациялар менен болгон карым-катнаштарына тийиштүү алгачкы олуттуу футурустик концепциялар XX кылымдын башында эле пайда болушкан. Алардын ичинен эң белгилүүлөрү О.Шпенглер менен А.Тойнбинин концепциялары, алардын “Закат Европы” жана “Постижение истории” аттуу фундаменталдуу философиялык-теоретикалык эмгектеринде берилген. Аталган эмгектерде берилген бир катар жоболорду кыскача карайбыз.

О.Шпенглердин бүтүн концепциясындагы негизги катары Ф.Ницшеден алынган органикалык жашоо деп аталган түшүнүк кызмат кылат. Аталган түшүнүктүн жардамы менен О.Шпенглер маданият сыяктуу фундаменталдуу категорияны катаал ички структурага жана өтүүчүлүк биримдикке ээ болуп, аталган кырдаалга карабастан башка организмдерден же башкача айтканда, башка маданияттардан оолактап, бөлүнүп калгандыгына карабастан алардын ар бири спецификанын жана өздүк жетишкендиктин жогорку деңгээлине ээ болуу менен өзүндө токтоп калган, анын жардамы аркасында анын өз алдынчалуулугу жана салыштырмалуу обочолонуусу камсыздалат.

Бардык эле маданияттын жаралуусу, анын андан аркы эволюциясы, жогорку чегине жетүүсү, андан кийин басаңдоосу – толук мыйзам ченемдүү деп эсептейт О.Шпенглер,ал көпчүлүк жагынан табигый жана айныксыз келүүчү нерсе болгон –өлүм жана жандуу организмде болуучу процесстерге окшоп кетет. Маданият жаатында болсо бул анын басаңдоосун, “батуусун” түшүндүрөт.”Ар бир маданият, -деп жазат О.Шпенглер, - материя жана мейкиндик менен терең символикалык байланышта болуп турат, ал аркылуу ал өзүн жүзөгө ашырууга аракет кылат. Качан идея максатка жеткенде, б.а. ички мүмкүнчүлүктөрдүн молдугу бүткөндө жана тышта жүзөгө ашырылганда, маданият капысынан катып калат, анын каны коюланып, күчтөрү бузулат- ал цивилизация болуп калат” [Шпенглер, О. Закат Европы. Очерки морфологии мировой истории. – М., 1998. 172-б.].

Ал тургай эгерде О.Шпенглердин негизги принципиалдуу жоболору менен макул боло турган болсок, ар бир маданият (же цивилизация) акыр аягында өзүнүн четке кагылуусуна келсе, анда тигил же бул маданияттын

жашоосунун реалдуу узактыгы туурасындагы маселе ачык бойдон калат. Алсак, О.Шпенглер индия, кытай деп аныктаган маданияттар грек-рим (же «аполлондук») маданиятына караганда эрте пайда болгон жана аталган маданияттардын артында адамдардын болуп көрбөгөндөй саны турат, алар калыбы, адамзат жашап турганда алар дагы жашай берет.

Эсептөөлөр боюнча О.Шпенглердин жоболорунун көпчүлүгү батыш европалык (же «фаустовдук») маданиятка карата акыйкаттуу болгон, анын андан аркы тагдыры, немис философун кызыктырган. «Аталган китепте, - ал жазат, - тарыхый келечекти аныктоого аракет жасалат. Анын негизи милдети, азыр жер бетинде жалгыз болуп эсептелген жана Батыш Европа маданиятынын, анын бардык сонуна чыккан баскычтарындагы маданияттын андан аркы тагдырына саресеп салууда турат» [Шпенглер, О. Закат Европы. Очерки морфологии мировой истории. – М., 1998. 34-б.].

Британиялык тарыхчы, тарыхы философу, маданият таануучу жана социолог А.Тойнби тарабынан илимий чөйрөдө иштелип чыккан бирден-бир таанымал концепция болуп цивилизациялардын салыштырмалуу тарыхына арналган «Постижени истории» аттуу 12 томдук ири эмгегинде берген. Мүнөздүү болгондой, А.Тойнби ааламдашуу тармагындагы адис болуу менен анын убагында белгилүү болгон европоцентризм концепциясынын сынчысы болгон.

О.Шпенглер сыяктуу эле А.Тойнби дагы цивилизация менен маданияттын ортосунда белгилүү бир айырмачылыктарды көрсөткөн. «Маданий элеменет, -деп жазат ал, өзүнө цивилизациянын рухун, канын, маңызын камтып турат, ага салыштырмалуу экономикалык жана анын үстүнө саясий пландар жасалмадай, олуттуу эместей,табияттын жана цивилизациянын кыймылдаткыч күчтөрүнүн адаттык жаратуулары катары сезилет» [Тойнби, А. Постижение истории. -М.: Айрис-Пресс, 2006. 279-б.].

А.Тойнби мыйзам ченемдүүлүктү ачып берген, эгерде тагыраак айтканда, мыйзам ченемдүүлүк катары А.Тойнбинин пикиринде жалпы жонунан цивилизациянын өнүгүүсүнүн багыты менен мүнөзүн аныктаган «чакырык жана жооп» мыйзамы аталышын алган жобону, принципти берген. Реалдуулукта дайыма бир катар – тарыхый, географиялык, экономикалык, саясий ж.б. факторлор болгон жана болот, алар зарыл түрдө коомдун алдына глобалдык маселени коет же А.Тойнбинин сөзү менен айтканда «чакырык» жана натыйжасында коомдун андан аркы өнүгүүсү ал өзүн кантип алып жүрөт, маселени чечүүнүн кандай варианттарын тандайт же башкача айтканда, кандай «жооп» берет, ошону менен аныкталат.

Көптөгөн фактыларды талдоого алуунун негизинде А.Тойнби фундаменталдуу корутундуга келет, жагымдуу шарттар, жалпы жонунан цивилизациялардын жаралуусуна да, өнүгүүсүнө да көмөк көрсөтпөйт, андыктан өсүүсүнө стимул бербестен, тескерисинче эрк менен күчтүн чыңалуусуна мүмкүндүк бербей коомдун өнүгүүсүнүн стимулунан ажыратат. А.Тойнбинин пикиринде «чакырык канчалык күчтүү болсо, стимул дагы күчтүүрөк болот» [Тойнби, А. Постижение истории. – М.: Айрис-Пресс,

2006. 148-б.]. Экинчи жагынан, эгерде «чакырык» коомдун мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен тышкары чыга турган болсо, ал стимул болуудан калып, кыйратуучу күчкө айланат.

Өзгөчө көңүл бура турган нерсе, жашоосунун көпчүлүк бөлүгү XX кылымда өтүп жана 1975-жылы каза болгон А.Тойнби көлөмдүү тарыхый материалды талдоого алуудан биз билген Батыш цивилизациясы кыйроого учурап, анын ордуна жаны синкреттик динге, б.а. алардын эволюциясынын процессиндеги диндердин өз ара иш-аракеттеринин жана бири-бирине сүңгүп кирүүлөрүнүн натыйжасында пайда болуучу ар кыл диний окуулар менен культтук принциптер менен жоболордун биригүүсүндө негизделген жаңысы пайда болот.

О.Шпенглер менен А.Тойнбинин концепцияларын Батыш цивилизациясынын тагдыры алдын ала аныкталган, анын түбөлүк жашоосу мүмкүн эмес, ал тургай дүйнөдөгү үстөмдүк кылуучу абалына карабастан соңуна чыгат деген идеяны, принципиалдуу жобону бекиткен Батыштын кыйроосу туурасындагы концепцияга таандык кылууга болот. Бирок, Батыштын андан аркы тагдыры туурасындагы концепциялар да бар, алардын маңызы О.Шпенглер менен А.Тойнбинин көз караштарына карама-каршы келет.

Биздин изилдөөбүз үчүн чоң кызыгууну америкалык окумуштуулар, тагыраак айтканда жапондук теги бар философ, саясат таануучу, саясий экономист Фрэнсис Фукуяма жана социолог, саясат таануучу, цивилизациялард этномаданий бөлүштүрүү концепциясынын автору Сэмюэл Хантингтон тарабынан иштелип чыккан эки концепцияны айтсак болот. Аталган эки концепция тең, бир катар жалпы белгилерге ээ болуу менен принципиалдуу мааниге ээ болбогон бир катар формалдуу белгилер ортосунда айырмаланышат. Андан тышкары, концепциялар футуристик мүнөзгө ээ болушат, алар баарынан тышкары, Батыштын Чыгышка эле эмес, бүткүл дүйнүгө болгон экономикалык, саясий, аскердик жана маданий үстөмдүгүн прогноздоп, негиздөөсүндө бирге болушат.

Фрэнсис Фукуяма өзүнүн концепциясынын негизги жоболорун 1992-жылы жарык көргөн негизги “Конец истории и последний человек» [Фукуяма, Фрэнсис. Конец истории и последний человек; пер. с англ. М.Б. Левина. – М.: АСТ, 2007. 588 б.]” аттуу эмгегинде берген. Анын концепциясынын маңызы дүйнөдө либералдык демократиянын батыштык үлгүсүн таратуу адамзат бардык мамлекеттер менен элдер үчүн бирдей болгон өкмөттүн акыркы формаларын калыптандырууда өзүнүн саясий жүзөгө ашырылуусун табуу керек болгон социомаданий эволюцияга жетүүсүнүн далили жана тастыктоосу болуп эсептелет. Фукуяманын концепциясы өзүнө белгилүү бир учурдан баштап эртеби кечпи философиялык идеяны, божомолдоону камтып турат, бирок адамзаттын тарыхы окшоштук белгилерине ээ болуп, дайыма алдыга болгон жылуу сыяктуу салттуу, адаттык маанидеги тарых болуудан калат, андыктан кандайдыр-бир идеал, болмуштун акыркы чекити жетет. Тарыхтын аяктоо

идеясы молчулук жана жалпы жыргалчылык коомун түзүүдөн турган өнүгүүнүн акыркы чегине жетүүдө принципиалдуу жаны эрежелер менен карым-катнаштарга негизделген бизге өнүгүүнүн булагы катары мурунку адаттык болгон тарых үчүн карама-каршылыктар жоголушаарын боолголоочу башка идеяга негизделет.

Дагы ушул саяктуу авторлордун катарына Фукуямага салыштырмалуу цивилизацияларды этномаданий бөлүштүрүү концепциясынын автору С.Хантингтон болгон, ал өзүнүн негизги көз караштарын “Столкновение цивилизаций” аттуу эмгегинде берген.

Фукуямадан айырмаланып С.Хантингтон Батыштын калган дүйнөнүн баарына болгон айныксыз үстөмдүгүн негиздөө менен категориялардын башка топтомун колдонгон, алардын борбордугу болуп “цивилизация” түшүнүгү эсептелет, ал болсо өзүнө кандайдыр бир маданий маңызды камтып турат. Айылдар, региондор, этникалык топтор, элдер, диний уюмдар – мунун баары өзүнүн өзгөчө маданиятына ээ, ал маданий көп жактуулуктун ар кыл деңгээлдерин чагылдырат” [Хантигтон, С. Столкновение цивилизаций? // Полис, 1994. -№1. 35-б.].

С.Хантингтон АКШнын экономикалык жана саясий кызыкчылыктарын ырааттуу коргоп, Кошмо Штаттар өзүнө айныксыз дүйнөлүк үстөмдүккө кепилдик берүү үчүн жетиштүү адамзаттык, интеллектуалдык, каржылык жана башка ресурстарга ээ эместиги туурасында отчет берүү менен Батыш мамлекеттеринин ыктымалдуу биримдигинин алдында ылайыктуу теоретикалык негизге, алардын АКШ менен жетектелүүчү жеке интеграцияга алып келүүгө аракет кылган. Ошол максатта гана дүйнөлүк тарыхый процесстин бардык катышуучуларынын ортосундагы бөлүм катары цивилизациялык принципти жарыялаган.

С.Хантингтон менен Фукуяманын концепциялары жана башка ушулар сыяктуу концепциялар ангажирленген мүнөзгө ээ. Башкача айтканда, алар ал тургай алардын авторлору объективдүү мүнөздө болуусуна аракеттерди жасашкан. Мындай концепциялардын илимий баалуулугу, заттардын реалдуу абалына болгон адекваттуулугу, нукуралыгы орто мөөнөттөгү келечеги менен бир канча он жылдыктар менен чектелет. О.Шпенглер менен А.Тойнби сыяктуу адис-философтор тарабынан иштелип чыккан концепциялардан айырмаланат.

Азыркы кезде ар кыл цивилизациялардын маданияттарынын чыгыштык ареалынын чектерине таандык болгон бир катар чыгыш мамлекеттери дүйнөдөгү Батыштын үстөмдүк кылуусуна аракет кылышкан.

*Биринчи баптын* **“Конкреттүү тарыхый контексттеги “Чыгыш” менен “Батыштын” салттуу парадигмалары”** *аттуу экинчи параграфында* конкреттүү тарыхый контексттеги “Чыгыш” жана “Батыш” салттуу парадигмалары каралат.

Европалык гуманитардык илимде жүзөгө ашырылуучу көптөгөн тарыхый изилдөөлөрдө Чыгыш, тигил же бул анын бөлүгү жалпы жыргалчылык жана агартуучулук менен же тескерисинче, тирания, кулчулук,

укуксуздук жана жакырчылык менен элестетилген. А.С.Селищев менен Н.А.Селищев ушуга байланыштуу мындай деп жазышат: “Байыркы мезгилден бери эле окумуштуулардын көңүлүн “Чыгыш-Батыш” маселеси кызыктырып келген. Калыбы, байыркы гректер маселенин өзүнүн өсүшүн берген уруктарды себишкен. Географиялык жактан дүйнө эки бөлүккө бөлүнгөн: батышта –Европа, чыгышта –Азия. Греция менен Персиянын ортосундагы күрөш Европа менен Азиянын, Батыш менен Чыгыштын ортосундагы карама-каршылыкты билдирген. Б.з.ч. V кылымда эле «азиялык» термини эллиндер тарабынан кемсинтүүчүлүк мааниде колдонулган. Бул жөн гана географиялык термин болгон эмес. Гиппократтын, Аристотелдин, Плинийдин эмгектеринде ал деспотизм менен варвардык көрктүн синоними катары эсептелип, байыркы гректердин идеалдарына карама-каршы келген” [Селищев, А.С., Селищев, Н.А. Китайская экономика в XXI веке. – СПб.: Питер, 2004. 7–8-б.].

Эллиндердин Алдыңкы Азиянын элдерине болгон мындай мамилесин түшүндүрүү кыйла жеңил. Жашоо үчүн кыйла ыңгайлуу, белгилүү бир аймактарга атаандаштык кылып, алар менен перманенттик конфликт абалында болуу менен байыркы гректер душмандын образын түзүүгө мажбур болушкан, ал күрөштүн өзүнүн логикасына, келишкис карама-каршы туруусуна ылайык биринчи кезекте, терс белгилерге, ал эми гректердин өзүлөрү ошол эле логикага ылайык оң жактуу сапаттардын жандуу жүзөгө ашырылуусу болуусу керек. Бир сөз менен айтканда, кеп коңшулаш элдер менен цивилизациялардын атаандаштыгы менен байланышкан, шартталган элементардык пропаганда тууралы болууда. Аталган күрөштө, көптөгөн элдер менен мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда өзүлөрүнүн оң жактуу белгилерине жана ниеттерине ишенишкен ынандыруу чоң күчүнө ээ болгон социумдар жеңишкен.

Бир кылдат кырдаал болбогондо биз пропаганданын табияты менен маңызы тууралындагы маселеге көңүл бурбайт элек. Ал биздин пикирибизде, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы мамиле, тагыраак айтканда, бири-бири тууралындагы объективдүү ой жүгүртүүнү алып чыгуу аракетине эмес, алардын эки жактуу баа берүүсү белгилүү бир деңгээлде өз кызыкчылыктарын, саясий, аскердик жана экономикалык максаттарын коргоо зарылчылыгына жана максаттуулугуна дуушар болгон. Аталган себеп менен Чыгыш менен Батыштын ортосундагы өз ара карым-катнаштарындагы тигил же бул саясий максаттар менен милдеттерге дайыма баш ийген пропаганда олуттуу түрдө объективдүү илимий баа берүүгө үстөмдүк кылган. Калыбы, тажрыйба көрсөтүп тургандай, илимий ойлом пропагандага, мамлекеттик максаттарга, мамлекеттик же коомдук жыргалчылыктын жамааттык коопсуздугунун корголуусуна шарт түзгөн.

XIX-XX кылымдарда Батыштын Чыгыштын үстүнөн болгон илимий-техникалык, экономикалык жана аскердик-стратегиялык айныксыз үстөмдүк кылуу кырдаалы өзүнүн олуттуу ролун ойногон. XX кылымда качан Батыштын аскердик, илимий-техникалык жана технологиялык басымдуулук

кылганда абсолюттуу белгилерге ээ болуп, анын Чыгышка болгон мамилеси кээ бир примитивдүүлүктү, бир жактуулукту жан ченемдүүлүктү алып жүрө баштаган. Чыгыш анын региондорунун спецификасына көз каранды болбостон дүйнөнүн европалык картинасында жана массалык европалык коомдук аң-сезимде жарды жана артта калган элдер, мамлекеттер түрүндө Батыш тарапты көздөй карап, өнүгүүнүн жана жетекчиликтин идеялары менен моделдерин кабыл алуулар керек болгон. Демек, Батыштын элдери менен мамлекеттеринин реалдуу басымдуулук кылуусу менталдуу чөйрөдө трансформацияланган, андан кийинаң-сезимде ынандыруу түрүндө орун алган, Азиядагы батыш мамлекеттеринин тарыхый миссиясы жалпы дүйнөдөгүдөй эле ар тарапка өзүнүн алдыңкы маданиятын, баалуулуктарын киргизүүдө, таратууда, окутууда, жетектөөдө турат. Алсак, Г.Гегель төмөнкүчө жазган: “Чыгыш энтузиазм акырындык менен өтүп, босогодо калды: эң жаман дилгирленүүлөр үстөмдүк кыла баштаган, анткени магометандык окуунун баштапкы берилишинде кеп сезимдик кумарлануу туурасында кеп болууда жана ал сыйлык катары бейишке көтөрүлүп, фанатизм ордун ээлеп калды. Азыркы мезгилде Азия менен Африкага чыгарылып, Европанын бир бурчунда гана христиандык державалардын атаандаштыгынын натыйжасында чыдаган ислам эчак эле дүйнөлүк-тарыхый аренадан чыгып, кайрадан чыгыштык тынымга жана кыймылсыздыкка кайтып келди” [Гегель, Г. Лекции по философии истории. – СПб.: Наука, 1993. 377-б.].

Чыгыш мусулмандык Чыгыштын чегинен тышкары чыкканы менен, Г.Гегелдин мезгилинде Азиянын калган бөлүктөрүнө өзгөчө кызыгууну көрсөтүшкөн эмес, өсүүнүн көз карашында мусулмандык жана калган Чыгыштын ортосундагы принципиалдуу айырмачылык жок экендигин боолголойт.

Белгилүү россиялык социолог, маданият таануучу, геосаясатчы, тарыхка болгон цивилизациялык ыкманын бирден-бир негиздөөчүсү Н.Я.Данилевский Мэйдзи революциясына чейин эле Чыгыш менен Батыш дайыма бири-бирин алмаштырып туруучу жаңы маданий-тарыхый типтерди биргеликте адамзат үчүн жалпы болгон жетишкендик тарыхын киргизген. Жогоруда айтылган типтердин бирдиктүү иш-аракеттери жана ырааттуулугу Н.Я.Данилевскийдин пикири боюнча анын андан аркы өнүгүүсүнө алып келди. Мындай ойлоп табуулар менен ачылыштар, компас, гравюра, күкүрт ж.б.у.с. Азиядан Европага арабдар тарабынан алынып келген, ал бири-бирине сүңгүп кирүүсү аркылуу гана мүмкүн болгон. Чыгыш менен Батышты карама-каршы коюу эгерде ал асболюттуу мүнөзгө ээ болуп, Батыш менен Чыгыштын дайыма болуп туруучу касташуусу туурасында айтпаганда Н.Я.Данилевскийдин пикири боюнча, өсүүнү токтотуп коймок. Ошол себептен алардын карама-каршы туруусу, андан тышкары Батышка өсүү менен тарыхый динамиканын жалгыз алып жүрүүчүсүнүн, ал эми Чыгышка, тескерисинче, төмөндөө менен ылдыйлоонун ролун ыйгаруу, өзүнүн алдында

реалдуу өзөкө ээ боло албайт [Данилевский, Н.Я. Россия и Европа. – М.: Книга, 1991. 31-36-б.].

Батыш менен Чыгыштын күрөшүн жана реалдуу тарыхый процесстеги алардын түбөлүктүү карама-каршылыгынын объективдүү мүнөзүн четке каккан Н.Я.Данилевскийден айырмаланып Н.А.Бердяев Батыш бир канча жүз жылга өзгөчө XVIII к. XX к.башталышына чейин башка дүйнөгө сыяктуу эле Чыгышка да колониялык саясатты жүргүзгөн. Бирок Чыгыш менен Батыштын андан аркы тагдыры туурасындагы ой жүгүртүүлөрүнүн акыркы натыйжасы болуп Батыштын колониясынын көз карашында Европанын Азияга болгон кызыкчылыгы, анын аймагынын басып алуусу же баш ийдирүүсү менен мүнөздөлгөн кырдаал жакынкы келечекте ушундай өзгөрөт, батыш цивилизациясында Чыгышка карата жаңы кызыкчылыктары жана анын маданияты менен дүйнө таанымынын спецификасына жетүүгө болгон стимулдары пайда болот. Н.А.Бердяев Батыштын Чыгышка карай бири-бирин көздөй башталган кыймылынын булактарын аныктоого аракет кылган, андыктан ал батыш маданиятынын тең салмактуулугу дайыма шарттуу мүнөзгө ээ болгон. Европа адамынын дүйнөсү кылымдар бою түнт дүйнө болуп келген, бирок Европанын чегинен тышкары алыскы Чыгышка кеткен дүйнөлүк мейкиндик кеткен. Европанын маданий жана мамлекеттик жашоосун Н.А.Бердяев эсептегендей, дайыма дүйнөлүк мейкиндиктер, сырдуулук жана Чыгыштын, анын маданиятынын изилденбегендиги тынчсыздандырган. Ал тургай Батыштын империалистик тажрыйбасын жана державаларынын экономикалык жана саясий үстөмдүгүнө болгон иш-аракеттерин биринчи кезекте европа цивилизциясынын түнттүгүн алдын алуу аракети менен түшүндүргөн, ошондуктан Н.А.Бердяевдин “империализм” түшүнүгү саясий-экономикалык эле эмес, социомаданий мүнөзгө да ээ. “Жер шарынын көздүн кыйыры жетпеген кеңдиги өзүнө тартып турат. Көздүн кареги Азияга жана Африкага, маданияттын байыркы булактарына бурулат. Батыштан Чыгышка кайткан кыймыл, калыбы, европа маданиятынын ички айныксыз диалектикасы болуп эсептелет” [Бердяев, Н.А. Судьба России. Опыты по психологии войны и национальности. – М.: Философское общество СССР, 1990. 115-б.]. Философ жазгандай «Чыгыш менен Батыштын маселеси – негизинен бүткүл дүйнөлүк тарыхтын, анын нугунун негизги темасы болгон» [Бердяев, Н.А. Судьба России. Опыты по психологии войны и национальности. – М.: Философское общество СССР, 1990. 115-б.].

Жалпы жонунан Н.Я.Данилевский менен Н.А.Бердяевдин Чыгышка болгон позитивдүү көз караштары менен мамилелери азыркы мезгилде алардын алдын ала айтуулары жарым-жартылай жүзөгө ашып жаткандыгына карабастан европалык саясат эле эмес, гуманитардык ойлом үчүн да ылайыктуу болгон эмес.

Батыш, бир жолу глобалдык экспансияны баштап, табигый түрдө ачыктык абалына өттү. Чыгыш туурасында айта турган болсок, анда ал коргонуу абалында болуу менен мүмкүнчүлүгүнө карата өзүнүн өз

алдынчалуулугун, эгемендүүлүгүн сактап калуу үчүн ошол эле табигыйлуулук менен өзүндө калуусу керек эле, Чыгыш туурасында башка маданияттар менен цивилизацияларга көңүл кош карабаган өзү менен өзү болгон маданият, цивилизациянын тиби катары стереотипти, элестөөнү жаратты. Аталган элестөөдөн биздин пикирибизде, эки туруктуу катачылык келип чыкты. Биринчиден, ыкчамдуулук маңыздык, б.а. Чыгыштын абсолюттуу туруктуу белгиси болуп эсептелет, ага, албетте, маданияттын инновациялык элементтери жат деген жалган элестөө пайда болгон. Экинчиден, Чыгыш органикалык жактан маданияттын инновациялык түзүүчүсүн кабыл албайт, четке кагат, өзү менен өзү болуп, ыкчамдуулук абалынан чыкпайт жана эгерде түбөлүктүү болбосо да, өзүнүн социалдык-экономикалык, илимий-техникалык, аскердик жана технологиялык өнүгүүсүндө Батыштан узакка артта калат.

*Биринчи баптын* «**Тарых процессиндеги «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмеленишинин өзгөрүүсү**» - *аттуу үчүнчү параграфында* – тарых процессиндеги «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмеленишинин өзгөрүүсү талдоого алынат.

Батыш цивилизациясынын сызыктары дайыма өзгөрүп турган, алар азыр дагы өзгөрүүлөргө дуушар болууда, ошондуктан Батыш деп атоого боло турган критерийлердин өзүн аныктоодогу белгилүү бир кыйынчылыктар пайда болот.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Улуубританиянын жана ошол мезгилде АКШнын калкынын басымдуу бөлүгүн түзгөн англосаксондук уруктагы ак америкалыктардын жашоочулары Батышка өзүлөрүн таандык кылышкан. Ошол мезгилде Батыштын синоними катары «эркин дүйнө» болгон.

Заманбап сызыктарга Батыш салыштырмалуу жакында эле, тагыраак айтканда «каардуу согуштан» кийин ээ болгон, Чыгыш европа өлкөлөрүнөн турган социалистик блоктогу мамлекеттер мурунку сапаттагы өзүнүн жашоосунан айрылган, б.а. бир катар олуттуу саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук реформаларды жүзөгө ашыруу менен социалистик болуудан калган. Натыйжасында Батыштык блокко Польша, Чехия, Словакия, Венгрия, Болгария ж.б. кирип кеткен. Андан ары Югославиянын кулашынан кийин, аны түзүүчү дээрлик бардык республикалар, Сербиядан башкасы Батыш блогуна, бирөөлөрү – мүчө, башкалары – мүчөлүк боюнча иш-аракеттердин планы деп аталган катышуучулар катары киришкен. 2004-жылы аскердик блоко мурунку советтик прибалтикалык республикалар кирет. 2009-жылы НАТОнун толук кандуу мүчөсү катары жалгыз европа мусулмундык мамлекети - Албания болгон. Ошентип, Батыштын бир бөлүгү болуп аскердик-саясий, экономикалык жана географиялык өңүттө, мусулмандык өлкө, андан тышкары поляктар, болгарлар, словактар, хорваттар ж.б. башында турган славяндык дүйнө эсептелген, алар католиктерден болуп салыштырмалуу түрдө оңой жолу менен католик-венгрлер сыяктуу эле Батышевропалык

цивилизацияга киришсе, анда болгарлар менен сербдер славяндар жана православдардан болуу менен өздүк шайкештиктин жаңы формалары менен белгилүү бир кыйынчылыктарды башынан өткөрүшөт. Бирок, аталган маселе чечилбеген маселелердин катарына кирет дегендер сейрек кездешет.

Демек, заманбап Батыштын чектерин аныктоо менен так көз карашка келген жокпуз, андыктан фактылар далилдеп тургандай, анын чектери кыймылдуу жана анын натыйжасында аталган чектерди аныктоого болгон критерийлер белгилүү бир кыймылдуулукка жана аныксыздыкка ээ болушат. Маданий-цивилизациялык ыкманы пайдалануу аракети өзүн актабай калышы ыктымал, анткени заманбап Батыш дүйнөсүндө дээрлик ички биримдик жок. Батыш дүйнөсү эч качан аталган ички биримдикке ээ болгон эмес. Андан тышкары, өзүнүн тарыхынын арстандык бөлүгүн ал ички карама-каршылыктар, конфликттер менен коштолгон. Бирок, мындай ой жүгүртүү менен маданий феномен, ички жеке маданий бирдик катары Батыш жок деген корутундуга келүүгө болот.

Акыркы он жылдыкта Батыштын өзүндө калыбы батыш мамлекеттерин бириктирүүчү жалпы баалуулуктар тууралуу ой жүгүртүү жалпы болуп калган, андан тышкары бирдей стандарттар, окшош жашоо образы, институттар тууралуу да айтышып, руханий жана маданий өңүттөгү көрүнүштөр менен географиялык факторду толуктап турган. Өз мезгилинде мындай ыкманы америкалык социолог жана саясат таануучу, цивилизацияларды этномаданий бөлүштүрүү концепциясынын автору С.Хантингтон мындай деп жазган: «Биз цивилизацияны эң жогорку рангдагы маданий жалпылык, адамдардын маданий шайкештигинин эң кеңири деңгээли катары аныктай алабыз…Цивилизациялар тил, тарых, дин, адаттар, институттар – андан тышкары адамдардын субъективдүү өздүк шайкештиги сыяктуу объективдүү тартиптегт жалпы белгилердин болуусу менен аныкталышат. Өздүк шайкештиктин ар кыл деңгээлдери бар…Цивилизация – бул өзүн таандык кылган жалпылыктын эң кеңири деңгээли. Адамдардын маданий өздүк шайкештиги өзгөрө алат жана натыйыжасында тигил же бул цивилизациянын курамы менен чектери алмашат» [Хантигтон, С. Столкновение цивилизаций? // Полис, 1994. – №1. 36-б.].

Ошентип, Батыш географиялык эле эмес, маданий жана менталдык реалдуулук катары так чийилген чектерине ээ. Ошондой болсо дагы, ал реалдуу түрдө спецификалык географиялык, маданий, менталдык жана рассалык феномен катары бар. Азыркы мезгилде өзгөчө концентристикалык конструкция тууралуу айтууга негиз бар, анын борборун англосаксондук дүйнө, андан кийин борбордон аталган конструкцияны алыстатуу ченеми боюнча Европанын континенталдык бөлүгүндө жашоочу католиктик жана протестанттык элдерди түзүшүп, андан ары православдык славяндык элдер кетишет. Россия, европа маданиятынын орустардын россиялык жана рассалык тийиштүүлүктү европеиддерге тийгизген олуттуу таасирине карабастан салттуу түрдө Батыш категориясына кирбейт.

Эгерде Батыштын маданий, саясий жана менталдык биримдиги аталган маселеге байланыштуу пайда болгон көптөгөн маселелерге карабастан жалпы жонунан таанылышы ыктымал болсо, анда Чыгышка карата мындай бирдик кыйла көйгөйлүү. Азия, Чыгыш жер шарында өзүнүн көлөмү боюнча олуттуу бойдон калууда, анда ар кыл рассаларга, этникалык топторго, диндерге жана конфессияларга ж.б.у.с. таандык болгон элдер жашашат.

Заманбап чыгыш таануучулар тарабынан чыгыш маданиятынын жана Азиялык, Африкалык континенттердеги төрт башкы борборун бөлүүгө болот:

1.Өзүнө Африканын, Египеттин жана Алдыңкы Азиянын түндүк бөлүгүн камтыган жана маданияттын афро-азиялык тибин түзүүчү Жакынкы Чыгыш;

2. Кытайдан, Кореядан, Түндүк Вьетнамдан жана Япониядан жана маданияттын конфуцийлик-даосстук тибин түзгөн Алыскы Чыгыш;

3. Өзүнө Индияны, Индиялык жана Тынч океандык региондорду камтыган жана маданияттын индо-буддалык тибин түзүүчү Борбордук жана түштүк Азия;

4. Бирманы, Индонезияны, Лаосту, Тайландды, Цейлонду жана Филиппинди камтып, аралдык дүйнөнүн маданиятын түзүүчү Түштүк-Чыгыш Азия;

5. Өзүнө Аравияны, Африканы жана Тынч океанын аралдык дүйнөсүн камтып, маданияттын исламдык тибин түзүүчү араб-мусулмандык Чыгыш.

Берилген классификация жалгыз эмес жана кыйла талашты жаратат. албетте, анын негизинде үч негизги белги жана критерий жатат - географиялык, маданий жана диний. Бирок ал тургай аталган белгилер менен критерийлер кыйла тандоочулук түрүндө колдонулат.

Азия, тагыраак айтканда, ар кандай тарыхый, географиялык жана башка кырдаалдарга карабастан болуп көрбөгөндөй көп түрдүүлүгү тууралсындагы кыйла объективдүү элести алуу үчүн Батыш дүйнөсүн этникалык, тилдик, расалык, маданий жана менталдык көп түрдүүлүгү эле эмес, сандык жагынан да ашып түшкөн Индиянын мисалына кайрылуу жетиштүү болот. Азыркы учурда Индиянын калкы 1 миллиард 300 миллион адамды түзөт, ал салттуу түрдө Батышка таандык болгон Батыш Еропанын, АКШнын, Канаданын, Австралиянын эле эмес, Чыгыш Европанын да калкынан көптүк кылат. Ушуга байланыштуу тең укуктуу суроо пайда болот: Чыгыш деп эмнени айтууга болот, эгерде Индия сыяктуу бир эле мамлекет, жогоруда айтылгандай, өзүнүн көп түрдүүлүгү боюнча бүткүл Батышты ашып өтөбү?

Капитализм жана ага ылайыктуу индустриалдык цивилизация экономикалык, саясий жана укуктук эле эмес, акыр аягында Батыш феномени калыптанган жалпы маданий да негиз болуп калды. Андан тышкары, башка жердегилерге караганда Азияда убакыттагы ажырым байкалган. Биз Азияда Япония, Түштүк Корея, Тайваня, Сингапур ж.б. мамлекеттер башында турган бир топ бар, коомдук-экономикалык өнүгүүнүн жаңы фазасын эбак эле басып өтүп, постиндустриалдык же маалыматты коом аталышына ээ болгон.

Ошол эле мезгилде азыркы мезгилге чейин коомдук-экономикалык өнүгүүнүн феодалдык-патриархалдык фазасында турган өлкөлөр бар (мисалы, Афганистан). Азия мамлекеттеринин калган бардык элдери алардын өнүгүүсүнүн көз карашында бир канча кылымдар менен ченелген эки убакыттык чектердин ортосунда турат. Айырмачылыгы биз көрүп тургандай олуттуу, ал азыркы элдер менен мамлекеттер жашап турган Батыш үчүн мүнөздүү эмес, аталган мамлекеттердеги калктын жашоо жыргалчылыгынын ар кыл деңгээлине карабастан бир доордо, социалдык жана тарыхый мезгилде турат, Батыш дүйнөсүнүн басымдуу бөлүгү англис тилин, техникалык, технологиялык жана башка стандарттар, өндүрүштүк байланыштар, кооперациялар ж.б.у.с. туурасында билишет.

Маданияттын динамикалык компонентин кабыл алып, аны жеке маданий өзөкө ыйгаруу, олуттуу адамдык дараметке ээ болгон бир катар азия мамлекеттери планетанын экономикалык өнүгүүсүндө биринчи планга чыгышты. Кеп маданияттын динамикалык же азыр айтып жүрүшкөндөй инновациялык компоненты заманбап жалпы дүйнөлүк, планетардык өнүгүүнү аныктоосунда турат. Ал келечектеги жалпы дүйнөлүк өнүгүүнүн мүнөзүн жана аталган келечектин айкелинин өзүн аныктоосунан күмөн санабаш керек.

**«Чыгыш менен Батыштын өз ара карым-катнашы алардын парадигмаларынын модификациясынын негизи катары»** *аттуу экинчи бапта* Батыштын индустриалдык доорго карай болгон тездетилген өнүгүүсүнүн себептери ачылып, Чыгыш менен Батыштын заманбап дүйнөдөгү парадигмаларынын трансформациясына баа берилет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Аталган изилдөөнүн **объектиси** катары изилдөөнүн темасына ылайык белгилүү бир дихотомиялык байланышта турган Чыгыш жана Батыш сыяктуу супер цивилизациялар кызмат кылат. Изилдөөнүн **предмети** катары аталган феномендер менен байланышкан реалдуулуктун эле эмес, парадигмалардын дагы трансформациясынын байланыштары, өзгөчөлүктөрү жана мыйзам ченемдүүлүктөрү эсептелет.

*Экинчи баптын* «**Негизги тарыхый процесстер менен тенденциялардын алкагындагы Чыгыш менен Батыш – дифференциация жана интеграция**» *аттуу биринчи параграфында* негизги тарыхый процесстер менен тенденциялардын алкагындагы Чыгыш менен Батыштын феномендерине – дифференциациясы менен интеграциясына талдоо жүргүзүлөт.

Адамзаттын өзүнүн тарыхынын олуттуу бөлүгү өзүнүн ички жашоосу менен жашаган локалдуу коомчулуктар менен берилген. Качандыр бир кезде болгон цивилизациялар тарыхтын локалдык мүнөзүнө милдеттүү. Локалдуулук бардык Жердин аймактары боюнча адамзаттын ыңгайлашуусунун түздөн-түз натыйжасы болуп калды.

Адамзат түрүнүн эволюция процессиндеги белгилүү бир этабында жашоо үчүн керек болгон зарыл жыргалчылыктарды өндүрүүгө үйрөндү.

Чарбачылыктын жаңы формаларынын андан аркы өнүгүүсү бир жагынан, билдимдер менен пайдалууу маалыматтардын, алар менен бирге интеллекттин олуттуу өсүүсүнө, ал эми экинчи жагынан – адамзат популяциясынын тез сандык өсүүсүнө алып келди. Адамзаттын бир бөлүгү отурукташкан жашоо образына өттүү, андыктан жашоого зарыл бардык шарттарды алууга үйрөнүп, отурукташкан жашоого өтүшүп, чектелүү мейкиндикте жайгашышып, тынымсыз өндүрүштү өркүндөтүп жашап кетүүгө аргасыз болушкан. Өндүрүштүн каражаттарын өркүндөтүүнүн эсебинен эмгекти үзгүлтүксүз интенсификациялоо ашыкча айыл чарбалык продукт пайда болуп, этностор менен проэтностордун ички социалдык дифференциациясы үчүн негиз түзүп берди.

Алгачкы щаарлар менен мамлекеттердин пайда болуусу өзү менне биринчи цивилизациялардын пайда болуусун билдирген, алар андан ары акырыкдык менен «Чыгыш» жана «Батыш» деп аныктала башташынын негизи болуп калган.

Шаар менен мамлекетте социалдык турмуш мамлекекеттике чейинки мезгил менен олуттуу идентификацияланат, анын жардамы аркасында жер бетинин ар кыл бөлүктөрүндө жайгашкан элдер ортосундагы айырмачылыктар бир жолу пайда болуу менен андан ары күчөйт. Азыр аталган айырмачылыктардын өсүүсүнө табигый, жаратылыштык-географиялык шарттардын дээрлик бардык комплекси таасирин тийгизгип баштайт.

Элдер цивилиазциялар шарттарында изоляция абалында тургандыгына карабастан дифференциялануучу тенденция дээрлик абсолюттуу мүнөзгө ээ болгон. Башкача айтканда, тарых элдер ортосундагы айырмачылыктардын дайыма болуп туруучу өсүүсүнө иштеп баштаган. Качандыр-бир кезде жеке тилдер диалекттерге бөлүнө баштаган, анын негизинде өз алдынча өнүгүүсүнүн ченеми боюнча бири-биринен улам алыстай башташкан жеке тилдер калыптана баштаган.

Жаңы түзүлгөн цивилизациялардын өнүгүүсүнө жана белгилүү бир тилдерда калыптанган жаңы билимдерге ээ болуусуна жараша аталган цивилизациялар табигый түрдө бири-бирине оолакташкан. Экинчи жагынан, алар изоляцияда болбогондуктан, дифференцияланган процесс жалгыз экендиги жаңылыштык. Кеп мындай учурда соода-сатык жана ушул сыяктуулар туурасында эле болгон жок. Соода-сатык менен бирге идеялар, технологиялар ж.б.у.с. дайыма алмашып турушкан, ал болсо Европа менен Азияда жайгашкан негизги цивилизациялардын салыштырмалуу өнүгүүсүн камсыз кылган.

XVII кылымда эрте европалык капитализм доорунда кырдаалдын өзгөрүүсү байкалган. Европа өзүнүн өнүгүүсүндө бир канча кылымдарга алдыга чыгап жалпы дүйнөлүк өнүгүүдө лидерликке ээ болду. Бирок бул формалдуу эле лидерлик болгон эмес. Эгерде адамзаттын кийинки тарыхынын басымдуу бөлүгү оолактаган коомдор менен цивилизациялардын тарыхы болгон, алар жакынкы географиялык өңүттө башка коомдор жана

цивилизациялар менен карым-катнашта болсо, анда Европадагы капитализмдин орношу менен ааламдашуу процесси башталды, башкача айтканда, европалыктар салттуу цивилизациялардын чектерин бузуп, активдүү түрдө башка аймакка кирип, аларды кайра өзгөртүүгө же жоготууга аракет кылышкан, мындай кырдаал эки Американын тең индеецтик цивилизацияларында да болгон. Ошентип, бир канча миң жылдыктар аралыгында болуп өткөн маданияттардын дифференциация процессине карама-каршы процесс башталган. Эгерде кийинки дүйнө туруктуулугу биринчи кезекте элдер менен мамлекеттердин эки жактуу географиялык алыстоосу менен камсыздалган чектердин дүйнөсү болсо, анда азыр чектер өзүнүн туруксуздугун жоготту. Алар мурун да алмашкан, бирок алардын өзгөрүүсү биринчи кезекте жашоонун адаттык ареалынын жеке цивилизацияларынын чегинде болгон.

Ааламдашуунун заманбап процесси аталган өңүттө жаңыны алып келген жок. Башкача айтканда, ага тартылган элдер аны өзүнүн жеке эрки менен жасашпайт, бирок ага тартылуу менен алар сунуш кылынган шарттарды кабыл алууга аргасыз болушат, алар көбүнчө сырттан кыйла күчтүү тараптан таңууланат.

Азыркы мезгилде ар кыл тармактагы окумуштуулар «ааламдашуу» терминин колдонуу менен алардын бир катар процесстерин жана алардын кесепеттеринин катарын беришет:

-мамлекеттер менен региондордун бүтүн топторунун экономикасына олуттуу таасирин тийгизүүчү бүткүл планетанын масштабындагы жеке каржылык базардын түзүлүшү жана аталган максатта колдонулуучу жаңы каржылык методдор менен каражаттар;

- дүйнөлүк экономикада басымдуулук кылуучу абалды ээлеп, глобалдык экономикалык жана каржылык экспансияны жүзөгө ашыруучу трансулуттук корпорациялардын ишмердүүлүгүнүн айныксыз кеңейүүсү;

-ар кыл эл аралык мамлекеттер алдындагы БУУ, ВТО, ОБСЕ, ЕС, НАТО, ЮНЕСКО ж.б.у.с. саясий, экономикалык жана коомдук уюмдардын жана мекемелердин дүйнөлүк коомчулуктун жашоосундагы ролунун олуттуу өсүүсү;

-экономикалык регионалдык аралык байланыштар системасынын түзүлүшү жана дайыма өсүүсү;

-дайыма жогорулоо, көп сандагы өлкөлөрдү тартуу жана эмгек базарынын муктаждыктарына багытталган алардын структурасынын сапаттуу өзгөрүү тенденциясынын болуусундагы миграциялык агымдардын масштабдары жана интенсивдүүлүгү [Ивахнюк, И.В. Глобализация миграционных процессов // Глобалистика: Энциклопедия / Гл. ред. И.И. Мазур, А.Н. Чумаков; Центр научных и прикладных программ «ДИАЛОГ». – М.: ОАО Издательство «Радуга», 2003. 194-б.];

-массалык маданиятты басымдуулук кылуучу, биринчи кезекте анын батыштык вариантын керектөөчүлүк психология менен маданияттын бирдиктүү таралуусуна айлантуу;

-адамдардын физикалык орун которуусунун эле эмес, Интернет жана башка телекоммуникациялык системалардын эсебинен жүзөгө ашырылуучу ар кыл маданияттар менен өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн байланыштарынын интенсивдүүлүгүнүн жана масштабдарынын олуттуу өсүүсү;

- англис тилинин бардык планетага таралуусу жана алардын дүйнөлүк тил катары статус алуусу;

-ар кыл маданияттар менен элдерге таандык болуп адамдардын иш-аракеттеринде берилген планетардык ойломдун тездетилген калыптануусу, өзүн конкреттүү элдердин өкүлдөрү катары туюп-сезүүсү эле эмес, планетанын экологиялык абалына, анын пайдалуу кендерине, ресурстарына ж.б.у.с. болгон жоопкерчиликти алып жүрүүлөрү керек болгон планетанын жашоочулары катары да эсептелет [Добреньков, В.И. Глобализация и Россия: Социологический анализ. -М.: ИНФРА-М, 2006. 31-б.].

Азыркы мезгилде көптөгөн окумуштуулар менен адистер ааламдашуу процессинин бир-эки жүз жыл мурун жана азыркы мезгилдеги адамзатка таандык болгон дүйнөлүк маданий көп түрдүүлүккө тийгизген терс таасирин таанышат, ал элдердин маалыматтык өнүттөгү кыйла ийгиликтүү маданий экспансиясынын натыйжасында олуттуу биригүүгө дуушар болушкан. Кептин баары ницшелик «бийликке болгон эркти» эч ким алмаштырган жок, андыктан ал адамдын табиятына орноп калган. Бирок заманбап ааламдашуу жана маалыматтык революция шарттарында ал маданий экспансия формасына ээ болду. Эгерде мурун, б.а. маалыматтык революцияга чейин дүйнөлүк маданий көп түрдүүлүк калыптанып, дүйнө элдеринин басымдуу бөлүгүнүн изоляциясынын эсебинен сакталып калган болсо, анда азыркы мезгилде, маалыматтык жана транспорттук революциянын өнүгүүсүнүн жардамы аркасында өздүк тигил же бул элдин изоляциясы, ал тургай олуттуу эмес жана жөнөкөй формаларында да мүмкүн эмес же кейиштүү түрдө аталган элдин экономикасына, ал эми экономика аркылуу- маданияттын жалпы абалына таасирин тийгизип, аны бир канча он жылдарга эле эмес, жүз жылдарга да артка калтырат.

Адам жандуу жандык катары өзүнүн табигый муктаждыктарын канаттандырбастан жана жыргалчылыкка жана ыңгайлуу жашоого аракет кылбастан жашай албайт. Белгилей кетсек, ааламдашуу заманбап түрүндө адамзат тарабынан технологиялык жана илимий-техникалык өнүгүүнүн жогоку деңгээлине жеткенден кийин гана мүмкүн болду, ал тигил же бул деңгээлде ааламдашуучулук процессине дээрлик бардык элдерди тартканга шарт түзгөн. ошентип, аталган процesстен чыгуу, баш тартуу андан аркы илимий-техникалык өнүгүүдөн баш тартуу дегенди билдирет, албетте, мындай баш тартуу жыргалчылыктардан баш тартуу дегенди билдирмек. Экинчи жагынан, баалуулук системалар, идеологиялар, саясий институттар, билим берүүчүлүк системалар, программалар, стандарттар ж.б.у.с. менен байланышкан маалымат, материалдык баалуулуктар, ар кыл техникалык , технологиялар жана каржылык каражаттар менен биргеликте болот.

Натыйжасында бүткүл дүйнө азыркы мезгилде айтып жүрүшкөн «эритүүчү казанга» айланат.

*Экинчи баптын* «**Батыштын индустриалдык доорго карай тездетилген өнүгүүсүнүн себептери**» *аттуу экинчи паргарафында* – Батыш цивилизациясынын индустриалдык доорго карай алдыга озуп өнүгүүсүнүн себептери ачылып берилет.

Биздин изилдөөбүз үчүн Батыш эмне үчүн жана кантип дүйнөлүк өнүгүүдөгү лидерликти өз колуна ала алгандын жана эмне үчүн аны заманбап дүйнөдө жогото баштагандыгын түшүнүү жана так аныктама берүү абдан маанилүү. Аталган маселе боюнча көптөгөн изилдөөчүлөр, анын ичинде көрүнүктүүлөрү азыркы мезгилде акыркы жоопту берүүгө аракет кылышкан жана кылышат.

Демек, Батыш эмне үчүн жана кантип өнүгүүнүн тездетилген формасына өтүүнү жүзөгө ашырды?

Коюлган суроого жооп берүүдөн мурда, белгилей кетүүчү нерсе, аталган маселеге кеңири жоопту берүү аракети азыркы мезгилде да жүрүүдө. Бирок баарын канаттандыра турган акыркы жооп азыркыга чейин алына элек. Биз аталган милдетти аткара алабыз деп эсептебейбиз, бирок ошондой болсо да кыйла так жана ынандыруучу жоопту берүүгө аракет кылабыз. Дагы белгилей кетсек, Батыш өзүнүн өнүгүүсүн капиталистик коомдук-экономикалык формацияга өтүүнүн жардамы аркасында олуттуу түрдө тездете алды деген пикир бизди кыйынчылык менен канаттандырат, анткени аталган көз караш чындыкка коошпойт. Кептин баары, ага жооп берүү менен биз эмне үчүн бир катар европа мамлекеттери өнүгүүнүн капиталистик фазасына өтүүнү жүзөгө ашырды. Бирок аталган кырдаалды эске алуу менен андан ары биз өнүгүүнүн капиталистик формасынын алкагында жооп берүүгө аракет кылабыз. Башкача айтканда, биз эмне үчүн жана кантип европалыктар капитализмге өтүштү деген суроого жооп бергенге аракет кылабыз?

Заманбап британиялык тарыхчы Ниал Фергюсон Батыштын негизги булактарын аныктоого аракет кылуу менен Батышка лидер болууга жана дүйнөнү өзүнүн каалоосу боюнча эстөөнү баштоого шарт түзүп, алар тыгыз байланышкан 6 идеяларды жана уникалдуу институттарды бөлүп көрсөткөн.

Биринчи топту, анын пикири боюнча, атаандаштык түзөт, анда Ниал Фергюсон биринчи кезекте саясий жана экономикалык жашоону децентралдаштырууну түшүнүдүрөт жана улуттук европалык мамлекеттер менен капитализм үчүн секирме (трамплин) болуп калды.

Экинчи топту,Ниал Фергюсондун пикири боюнча таанымдын ыкмасы, табияттын түшүндүрүү жана кайра өзгөртүү катары аныкталган илим түзөт, британиялык окумуштуу эсептегендей, Батышка ушунун баарынан тышкары, калган дүйнөнүн үстүнөн болгон аскердик үстөмдүктү берген.

Үчүнчү топ –бул Ниал Фергюсон жалпы жонунан, жеке менчик ээлерин коргоонун жана өз кезегинде өкүлчүлүк башкаруунун кыйла туруктуу формаларынын негизинде жаткан мүлктүк талаш-тартыштарды тынчтык

жолу менен чечүүнүн ыкмалары болуп эсептелген укуктун үстөмдүгүн түшүнөт.

Төртөнчү топ – Ниал Фергюсон илимий жана практикалык ишмердүүлүктүн тармагы катары аныктаган жана улануучулук жол менен Батыштын, андан кийин ага көз каранды аймактардагы жашоонун узактыгына жана сапатына таасирин тийгизген медицина.

Бешинчи топту Ниал Фергюсон керектөө коому катары аныктайт, ал аны коом менен мамлекеттин жашоосунда, экономикалык процесстерде негизги ролду ойноп, өндүрүш, керектөөчүлүк товарларды (кийим-кечек ж.б.) сатуу жана сатып алуу менен мүнөздөлгөн жашоо образы катары түшүндүрөт, андыктан анын пикиринде, керектөөчүлүк коомусуз өндүрүштүк революция мүмкүн болмок эмес.

Алтынчы топту эмгек этикасы түзөт, Ниал Фергюсондун пикиринде, протестантизмдин чектеринде жарым-жартылай пайда болуп, динамикалык факторду потенциалдуу туруксуз коомдо киргизүүнү жана бекитүүнү шарттаган нравалык концепция жана иш-аракеттердин образы эсептелет [Фергюсон, Ниал. Цивилизация: чем Запад отличается от остального мира; пер. с англ. К. Бандуровского под ред. И. Кригера. – М.: АСТ: CORPUS, 2014. 44-45-б.].

Батыш Европада XVI кылымда салыштырмалуу анча чоң эмес аймактрада көптөгөн этностор жашашкан, алар ич ара көпчүлүк жактарынан айырмаланып турушкан, биринчи кезекте, тили жагынан, ал албетте, атаандаштык күрөшүнө кыйла курч жана компромиссиз мүнөздү берүү менен эки тараптуу карама-каршылыкты күчөткөн. Азиянын кыйла өнүккөн мамлекеттери жашап кетүү үчүн Чыгыш Евразиянын кеңири мейкиндиктерин ээлеген монолиттик империяны камтып, чыгармачылык жана илимий ойломдун өзгөчө стимуляциясына зарыл болгон эмес, алар Европанын элдеринен айырмаланып чыңалуу абалында болгон.

Демек, Азиянын алдыңкы мамлекеттери кеңири аймактарга ээ болуу менен батыш европалык мамлекеттерге салыштырмалуу чарбачылык экстенсивдүү формалары үчүн байкаларлык, чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ болушкан. Башкача айтканда, Чыгыштын кыйла өнүккөн мамлекеттеринде жашашкан элдер, жалпы жонунан, тышкы экспансияга муктаж болбостон жашоо үчүн зарыл болгондун баарын алып, чарбачылык экстенсивдик формасынын эсебинен эмгекти интенсификациялабай жашай алган.

Батыш европалык элдер жашашкан салыштырмалуу анча чоң эмес көлөмдөгү аймактардын таасири, этникалык көп түрдүүлүктүн жогорку деңгээлинин болуусунда көп кырдуу мүнөзгө ээ болгон, бир жагынан, атаандаштыкты чегине чейин курчутуп, интенсификациялоо менен, экинчи жагынан – бардык мүмкүн болгон тармактардагы – мааламытты, билимдерди, предметтерди, техниканы, технологияларды ж.б.у.с. алмашууну олуттуу күчөткөн.

Тарых кандайча жүзөгө ашып келген жана ашат, бир кандайдыр-бир кырдаал, шарт менен эле аныкталбайт, бул шарт кандай гана маанилүү

болбосун, дайыма шарттардын бүтүн комплекси болгон. Алардын бир бөлүгү туурасында биз кеп кылдык. Батыш Европанын өнүгүүсүнүн мүнөзү менен интенсивдүүлүгүнө кыйла олуттуу таасирди европа цивилизациясынын өнүгүүсүнүн индустриалдык мүнөсүн аныктаган өлкөлөрдүн тобуна мүнөздүү болгон мээлүн климат тийгизген.

Европалыктар катаал эки жактуу атаандаштык шарттарда жашап кетүү үчүн өндүрүштү дайыма өнүктүрүп турууга мажбур болушкан, ал инженериянын өнүгүүсүн олуттуу түрдө алдыга түртүп, өз кезегинде машина өндүрүшү менен байланышкан жаңы сапаттуу деңгээлге өтүп, өндүрүштүк база менен түздөн-түз байланыша болуп илимдин өнүгүүсүнө олуттуу түрткү берип, адамзаттын бүткүл тарыхында андан аркы өнүгүү үчүн бекем жана туруктуу негизге ээ болду. Натыйжада илим өз алдынчалуулукка ээ болуп, өндүрүштүк чөйрөгө дайыма таасирин тийгизип, анын маанилүү органикалык бөлүгү болуп калган. Мындайча айтканда, Батыш Европа жеткен эң маанилүү жыйынтык болгон, анда ал дүйнөдөгү кынтыксыз үстөмдүккө жетүүгө, андан кийин бир нече кылымдар бою узартууга шарт түзгөн.

Үчүнчү топ катары Ниал Фергюсон мүлктүк укуктарды келтирет, эске сала кетсек, ал жеке менчик ээлеринин укуктарын коргоонун жана өз кезегинде өкүчүлүк башкаруунун кыйла туруктуу формаларынын негизинде жаткан мүлкүтүк талаштарды тынчтык жолу менен чечүүнүн ыкмасы болуп эсептелген укуктук үстөмдүгүн түшүндүрөт.

Европанын заманбап укуктук системасы, тагыраак айтканда, анын континенталдык бөлүгү Римдик укуктун түздө-түн мураскери болуп эсептелет, ал бир жарым миң жылдан ашуун убакыттын аралагында Рим империясынын шарттарында өнүгүү менен ошол мезгилдеги укуктун институционалдык консервативдүүлүгү менен катар кесипкөйлүк укуктун негизи болуп калган формалдуу же жазылган укуктун (lex scripta) ачык үлгүсү болуп, юридикалык техниканы өзгөчө өнүктүрүүгө жана ошону менен бирге эле системалаштыруунун жогорку деңгээли менен укуктун булактарын өнүктүрүүгө шарт түзүп, андан ары укуктук илимдин өнүгүүсүнө кыйла жагымдуу таасирин тийгизген. Ал тургай Рим империясы өзүнүн жашоосун токтоткондо, бир канча жүз жылдардан кийин рим укугу Европанын континенталдык бөлүгүндө өтө зарыл болот.

Римимдик укуктун жаралуусун дайыма татаалданып, жөнгө салууну талап кылган экономикалык карым-катнаштардын өнүгүүсү, албетте, ички өнүгүү менен катар бири-биринен ар бир жерден эле эмес, өзүлөрүнүн укуктук адаттары менен жашашкан ар бир социалдык тобу менен айырмаланышкан укуктук адаттарга караганда укуктун кыйла өнүккөн системасын талап кылышкан.

Римдик укук дайыма бир нече жүз жылдар аралыгында өзгөрүү менен экономикалык көз караштан алып караганда жеке демилгеге ылайыкташып мыйзамдын деңгээлинде жеке демилгени стимулдаштыра баштаган, анын далили катары эрктик- алып салуучулук институт кызмат кылышын айтсак болот.

Батыш Европанын тездетилген өнүгүүсүн камсыз кылган факторлордун акыркы тобу Ниал Фергюсондун пикири боюнча, керектөөчүлүк коом, ага мүнөздүү болгон өндүрүш, сатуу жана керектөөчүлүк товарларды сатып алуу жашоо образы менен байланышкан, анын баары экономикалык процесстерде эле эмес, коом менен мамлекеттин да жашоосунда негизги ролду ойнойт, андыктан керектөө коомунан тышкары жана ансыз өндүрүштүк революция мүмкүн болмок эмес.

Ниал Фергюсондун аталган көз карашы белгилүү каршылыктарды пайда кылат. Эгерде Фергюсондун ойломун ээрчий турган болсок, анда Европадагы керектөөчүлүк коом өндүрүштүк коомдо болгон жана аталган революцияны чакырган. Бизге маалым болгондой, керектөө коому өндүрүштүн өсүүсүн олуттуу түрдө стимулдаштырды, бирок анын негизи болгон эмес. Андан тышкары, өндүрүштүк өсүү, андан кийин өндүрүштүк революция акыр аягында биз билген керектөөчүлүк коом Батышта үстөмдүк кылуучу болуп калды. Башкача айтканда, Ниал Фергюсон окуялардын ыраттуулугун бир аз адаштырып алган. Кептин баары алгачкы керектөөчүлүк коому Байыркы Римде пайда болгон, ал психологиялык планда заманбап керектөөчүлүк коомдон анча көп айырмалаган эмес, бирок бул өндүрүштүк революцияга алып келген эмес, анын себеби билимдердин, алар менен байланышкан техника менен технологиялардын деңгээли өндүрүштүк революция жүзөгө ашырылуусу үчүн жетишсиз болгон. Аталган билимдер зарыл эффектти пайда кылып, алып келүүдөн мурда миңдеген жылдар өттү. Өндүрүштүк өнүгүүгү болуп өткөн Европалык орто кылымдык шаарлар акыр аягында чарбачылыктын феодалдык системасын кыйратып, ордуна Ниал Фергюсон керектөө коому деп аныктаганды сунуштаган. Ошентип, Европадагы маданий революция көптөгөн европалык мамлекеттердин катаал аскердик карама-каршы туруу шарттарында өндүрүштүк эмгек кыйла зарыл болуп калган шаарларда болуп өткөн.

Белгилей кетүүчү нерсе, Фергюсон керектөөчүлүк коом туурасындагы өзүнүн идеясын берүү, тагыраак айтканда аны Батыш европалык цивилизациянын тездетилген өнүгүү феноменин шарттаган бирден-бир маанилүү фактор катары кароо менен, 1905-жылы жарык көргөн «Протестанттык этика жана капитализмдин руху» аттуу белгилүү эмгегинде белгилүү немис социологу жана философу, тарыхчысы жана саясий экономисти Макс Вебер XIX кылымдын соңу – XX кылымдын башында концепциянын ордуна протестанттыкты киргизген.

Биз европалык маданияттын локомотивинин ролун аткарган капиталистик формациянын калыптануусундагы эмгек этикасынын ролуна баа бербей кое албайбыз, ал өзү кыйла терең себептердин бирдиктүү иш-аракеттеринин натыйжасы болуп эсептелет. Этикалык түшүндүрмөлөр менен эле чектелип калуу жетишсиз, бирок убакытысына эрте жана мүчүлүштүк корутундулар менен коштолот.

Демек, дүйнөдө бир канча кылымдарга үстөмдүк кылууну камсыз кылган Батыш Еропанын тездетилген өнүгүүсү дээрлик бир эле мезгилде

иштеп баштаган көптөгөн себептер менен шартталган, аларды белгилүү бир ченемде кандайдыр-бир керемет катары баалоого болот. Экинчи жагынан, кереметтер, белгилүү болгондой болбойт, ошондуктан биз өзүбүздүн ой жүгүртүүлөрүбүздү жана аргументтерибизди сергек акыл жана илимий логика менен негиздөөбүз зарыл.

*Экинчи баптын* **«Заманбап дүйнөдөгү Чыгыш менен Батыштын парадигмаларынын трансформациясы»** *аттуу үчүнчү параграфта* - заманбап дүйнөдөгү Чыгыш менен Батыштын парадигмаларынын трансформациясына баа берилет.

Батыш илим менен коомдук аң-сезимде салыштырмалуу жеке жана бүтүн маданий тип катары жакында эле болду. Негизинен, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш Европа мамлекеттеринен туруп, АКШ жетекчилик кылган коалиция СССР менен катаал жана компримиссиз күрөшкө кирип, анын союздаштары дүйнөлүк үстөмдүк үчүн күрөшкөн. Адегенде саясий феномен, термин натыйжасында маданият таануучулук жана философиялык болуп трансформацияланган, бирок гуманитардык илимдердин блогу, анын ичинде философия да тартылган өзүнүн саясий маанисин жоготкон эмес. Ал саясат -бул кийинки реалдуулукка эле эмес, жакынкы эле эмес, салыштырмалуу алыскы келечекке да катышы бар ишмердүүлүктүн чөйрөсү. Азыр жүзөгө ашкан факт, болгон феномен, реалдуулук тууралуу жеке Батыш жөнүндө айтууга болот. Биз аталган көз караштан четке какпайбыз. Биз үчүн мындай учурда саясий процесстер жана аны менен байланышкан саясий кызыкчылыктар маданий феномендин калыптануусуна олуттуу таасирди тийгизген, анын катары Батыш кирет, албетте, ал Батыш менен калган дүйнөнүн андан аркы тагдыры тууралуу маселе козголгон бир катар заманбап концепцияларга белгилүү бир из салды.

Саясий фактордун Чыгышты кабыл алууга, сүрөттөө жана баа берүүгө тийгизген таасири да кыйла маанилүү. Анын үстүнө Чыгышты гуманитардык илимдердин өкүлдөрү эле эмес, коомдун олуттуу бир бөлүгү катары да кабыл алуу, сүрөттөө жана баа берүү тууралуу кеп болууда. Ал мезгилде болсо Чыгыш ушунчалык чоң жана көп түрдүү болгон, аталган аныктаманы эң мыкты учурда Батышка элдер байырлаган маданий жана менталыдк өнүттөгү кургактын бир бөлүгү катары түшүндүргөн термин эмес, антитеза катары кабыл алууга мүмкүн. Өз мезгилинде бир катар европалык мамлекеттер глобалдык экспансионистик саясатты жүзөгө ашырып, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн капиталистик фазасынан индустриалдык коомго өткөн, Чыгыш, калган дүйнөнүн бөлүктөрү катары эле капиталистик эмес дүйнө катары аныкталышы мүмкүн. Бирок азыркы мезгилде, Чыгыш коомдук-экономикалык өнүгүүнүн ар кыл баскычтарынан – феодалдыктан, алсак, мисалы, Афганистан, постиндустриалдык, маалыматтык коомго, мисалы, Япония, Түштүк Корея, Сингапур ж.б. турган элдер жана мамлекеттер тарабынан берилген. Бирок, эрте ааламдашуу мезгилинен калып, Европа калган дүйнөнү басып ала баштаган Чыгыштын парадигмасы акылдууларга жана калган дүйнөгө олуттуу түрдө үстөмдүк кылат, албетте,

заттардын реалдуу абалы менен өлчөнөт. Аталган парадигманын жаңылыштыгы ар жыл сайын болбосо да, ар бир жаңы он жылдык сайын таасын боло баштайт.

Салыштырмалуу жакында эле, тагыраак айтканда XX кылымдын ортосунда, калкы дүйнө калкынын 6% түзгөн АКШда Экинчи дүйнөлүк согуштун аякташынан кийин дүйнөлүк валдык продуктунун 50% дан ашуунун негизги өндүрүштүк кубаттуулук өндүрүлгөн, кыйла алдыга жылган технологиялар менен аскердик техника, илимий ойлом жана жогорку окуу жайлары дээрлик толугу менен СССРди жана Чыгыш Европа мамлекеттери башында турган анын жаңы союздаштарын эсептебегенде Батышта топтолгон. Мындай кырдаалдарда Батыштын дүйнөлүк үстөмдүккө болгон тартылуусу кыйла реалдуу жана жеке болгон, бирок ага кыйла олуттуу тоскоолдук катары «суук согуштан» (болбоду дегенде Батыштын өзүнүн аскердик кубаттуулугу) жеңүүчү болуп чыгып, Батыштын аскердик кубаттуу күчү менен салыштырылган кыйла олуттуу күчкө ээ болгон Советтик Союз эсептелген, ал салттуу эгоборбордук саясаттын чегинде бардык натыйжалары менен калууну туура көргөн. Зарыл экономикалык жана аскердик потенциалдын болуусунда, калган дүйнөгө болгон үстөмдүктө Батыш, биринчи кезекте Америка Кошмо Штаттары дүйнөгө өзүнүн гегемониясын орнотуу аракетин көргөн. СССРдин кулашынан кийин негизги геосаясий атаандашты жоготуу менен мындай максат, биринчи кезекте толук реалдуу белгилерге ээ болгон. Белгилүү болгондой, эл аралык карым-катнаштар системасында, анын ичинде Чыгыш менен Батыштын ортосунда салыштырмалуу тең салмактуулукту камсыз кылуучу биполярдык карама-каршы турууда бузулган. Батышты көздөй болгон күчтөрдүн баласын терс аралаштыруунун бирден-бир натыйжасы катары «Араб жазы» деп аталып, жакынкы чыгыш мамлекеттеринин бир бөлүгү эгемендүүлүгүн эле эмес, мамлекеттүүлүгүнүн өзүн да жоготкон. Азыр Жакынкы Чыгыштагы чыңалуунун жогорулоосу менен байланышкан натыйжалардын бүтүн комплесин Чыгыш менен Батыштын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу катары кароо болгон. Бул чындыкка жарым-жартылай туура келет. Бирок Чыгыш аймактык эле эмес, Жакынкы Чыгышка караганда калкынын саны жагынан да кыйла кеңири. Калкынын саны Батыштын калкына караганда эки эсеге жогору болгон Жапония, Түштүк Корея, Кытай сыяктуу мамлекеттер олуттуу деңгээлде дүйнөлүк экономикага интеграцияланган. Белгилей кетүүчү нерсе, Чыгыш чындыгында эле Батышка карама-каршы турат. Бирок, биринчиден, Чыгыш чыкпайт, эч качан чыккан эмес жана бизге көрүнүп тургандай, бириккен күч катары эч качан чыкпайт, андыктан ал бул үчүн абдан көп түрдүү жана кеңири. Экинчиден, Чыгыш менен Батыштын карама-каршы туруусу – бул Батыштын калган бардык дүйнөгө анын ичинде, албетте Чыгыштын мамлекеттери тигил же бул жол менен Батышка каршы иш алып барууга мажбур болгон дүйнөлүк үстөмдүккө болгон жакындыгы менен шартталган азиялык мамлекеттерге карама-каршы туруусунун натыйжасы. Үчүнчүдөн, бири-бири менен коңшулаш турган азия

мамлекеттеринин өзүлөрүнүн ортосундагы карама-каршы туруу жарым-жартылай азиялык жана батыш мамлекеттеринин ортосундагыга караганда кыйла курч мүнөзгө ээ болгон. Төртүнчүдөн, Азиянын көптөгөн мамлекеттери, анын ичинде Жапония, Түштүк Корея, Тайвань, Сингапур, б.а. өнүгүүнүн постиндустриалдык фазасына өтүүнү жүзөгө ашырган өлкөлөр, көптөгөн батыш мамлекеттерине караганда Батыш менен дээрлик тыгыз карым-катнашта болгон. Бешинчиден, жогоруда айтылган өлкөлөр, алар эле эмес башкалары да батыш маданиятынын олуттуу маданий таасирине кабылган. Бирок, бул таасир улуттук маданияттарды жоготуу үчүн анчалык күчкө ээ эмес.

XX жана XXI кылымдын башында башка цивилизацияларга таандык болуп элдердин маданий ассимиляциясына багытталган Батыштын саясаты маалыматтык технологиялардын жана мүмкүн болгон бардык техникалык каражаттардын жардамы аркасында өзүнүн жеткен жегине жетти. Андыктан, албетте, батыш цивилизациясы базалык жана борбордук катары аталган процессти жеңилдеткендер тарабынан каралган. Бардык адамзат үчүн универсалдуу, б.а. ылайыктуу болгон батыш маданиятынын мүнөзүн далилдеген көз караштар менен концепциялар пайда болгон. Ага карабастан, Батыштын маданияты чындыгында эле биринчи кезекте илим, инженерия, техника жана технологиялар менен байланышкан бир катар универсалдуу белгилерге ээ болот, андай болсо дагы кандайдыр-бир элге же жеке цивилизацияга таандык болгон башка бардык эле маданияттар сыяктуу эле универсалдуу болуп эсептелбейт. Адамзат ээлик кылган ири маданий көп түрдүүлүк көптөгөн жүз жылдар аралыгында пайда болду, цивилизациялардын пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн шарттары ушунчалык көп түрдүү болгон, универсалдуу же б.а. бардык элдер үчүн ылайыктуу болуп, алардын тарыхый, менталдык жана маданий спецификасына карата цивилизация азырынча теоретикалык жактан гана ыктамыл, тагыраак айтканда, жакынкы тарыхый келечектин көйгөйү болуп эсептелбейт.

Технологиялык цивилизациясынын кынтыксыз өнүгүүсү, экономикалык өнүгүүсү, адамдардын өсүп жаткан мобилдүүлүгү, маалыматтык каражаттардын кеңейүүсү менен шартталган маданияттын унификация теденциясы адамзат баш тарта албаган жеке технологиялык цивилизацияны түзүүгө алып келет, андыктан мындай баш тартуу адамзат түрүнүн өнүгүүсүнүн логикасына карама-каршы келет.

Жыйындуу экономикалык, каржылык, аскердик күчтөрдүн балансы полюстук күчтөрдөн болуп Кытай жана Индия эсептелген көп талаалуу дүйнө тарапка туруктуу аралашкан заманбап карама-каршылыктын өнүгүүсүнүн маалыматтык баскычындагы шарттарында салттуу жана Батыштын эң олуттуу аскердик атаандашы болуп эсептелген Россия тууралында кеп кылбаганда ал жакта маданият «жумшак күч» активдүү колдонуп, согуш талаасы болуп калды, анда таасир багытталган акыл менен рух үчүн туруктуу жана ырааттуу күрөш жүрөт.

Батыш өзүнүн жеке маданиятын, баалуулуктар системасын сунуш кылып, аны универсалдуу кылып таңуулап, өзүн агрессивдүү алып жүрөт, андыктан көптөгөн элдер анын ичинде кыргыздар жалпы маанидеги, универсалдуу статусу менен колдонулуп, аларга ылайыктуу алмашууну жана өз маданиятында колдоону жана тажрыйбаны таппайт.

XX кылымдын акыркы он жылдыгында планетанын экономикалык жашоосунун борбору Чыгышты, андан кийин Түштүк Азия көздөй болгон күч-аракети менен жыла баштады, ал эми Батыш мамлекеттеринин экономикаларынын жыйындуу үлүшү акырындык менен төмөндөй баштаган, кыйла таасын болгондой, Батыштын экономикалык, технологиялык жана аскердик үстөмдүгү өзүнүн аяктоосуна барган. Бир эле мезгилде бир канча кийинки кылымдардын мазмунун түзүүчү эки маанилүү парадигмалары кыйрай баштаган, алардын биринчиси Батыш цивилизациясынын дүйнөдөгү айныксыз үстөмдүк кылуусу менен байланышкан, жогоруда айтылгандай, өзүнүн соңуна бара жатат. Экинчи парадигма болсо мурунку элестөө менен байлынышкан, кыйла алдыга жылган технологиялар менен эффективдүү экономика Батыштын артыкчылыгы болуп эсептелет. Биз, заманбап адамдар, негизинен, өнүгүүнүн батыштык борбордук модели кантип кыйрап жаткандыгынын жана ар түрдүү пландагы жана мүнөздөгү цивилизациялар ич ара карым-катнаштарга саясий борбордук цивилизациялык моделдин негизинде барган этап башталарына күбөсү болуп эсептелебиз. Заманбап мезгилде, негизинен, ар бир цивилизация өзүн борбордук деп эсептөөгө атаандаштык кылат же өзүнүн тарыхын адамзаттын тарыхындагы борбордук катары саналат. Бул чындыка коошобу же жокпу, ошого байланыштуу батыштык болуп эсептелбеген цивилизациялардын аны үстөмдүк кылуучу катары таануу аракети да жаңы парадигма болуп эсептелбейт. Ал жеке универсалдуу жалпы адамзаттык цивилизацияны түзүү мүмкүнчүлүгүн четке какпайт, бирок, ал батыштык борбордук болуп эсептелбейт. Батыш тарабынан сунуш кылынып, универсалдуулука атаандаштык кылууну уланткан баалуулуктар системасы Азия элдеринин басымдуу бөлүгү тарабынан четке кагылган. Аталган факт элдер менен мамлекеттердин бир бүтүндүккө интеграциялануу мүмкүнчүлүгү менен зарылчылыгын, б.а. универсалдуу цивилизацияны түзүүнү четке какпайт. Мындай мүмкүнчүлүктү четке кагуу өсүүнү четке кагууга бирдей мамиле кылат. Белгилей кетүүчү нерсе, биз азыр билген универсалдуу цивилизация идеясы Батыш тарабынан инициалдаштырылган жана азыр элдер менен мамлекеттерди баалуулуктардын, ишенимдердин, жеке тартиптердин ж.б.у.с. алдында бириктирүү аракети жүрүүдө.

Чыгыштын заманбап мамлекеттери ич ара аларга Батыш цивилизациясынны көрсөткөн таасиринин деңгээли боюнча айырмаланышат, андыктан социалдык-экономикалык өңүттө кыйла өнүккөн мамлекеттер Батышка кыйла жакын. Андан бирок, алар батыш дүйнөсүн менталдык өңүттө да копиялап алды деген жалган корутунду чыгарууга болбойт. Албетте, чыгыш элдеринен жапондуктар, түштүк корейлер, Сингапурдун

жашоочулары, кытайлардын бир бөлүгү белгилүү бир өңүттө батыш элдерине кыйла жакын, бул болсо алар батыштык социумдардын менталдык көчүрмөсү болуп эсептелет дебеш керек. Бул чындыкка дегеле коошпойт.

Чыгыш элдеринин ичинен Батыштын таасирине азыраак кабылгандары исламды тутунган элдер дуушар болушкан, алар салыштырмалуу Европанын географиялык жакындыгына карашкан эмес. Бизге белгилүү болгондой, аны биринчи кезекте Чыгыш менен Батыштын чек ара ортосунда согуштун кыйла курч формасын кабыл алган тарыхый кырдаалдар, көп кылымдык конфликт менен түшүндүрүүгө болот. Дээрлик бардык мусулмандык өлкөлөр олуттуу түрдө жашоонун салттуу формаларын карманышып, баалуулуктар деңгээлинде конфликт үчүн өзгөчө жагымдуу шартты түзгөн.

Батыш бир жолу жеке батуусун баштан кечирген, бул ал өзүнүн туу чокусуна жеткенде болгон. Биз Рим империясы туурасында кеп кылып жатабыз, ал кулагандан кийин бүткүл дүйнөнү коллониялаштырып баштагандан кийин миңдеген жылдардан кийин мамлекеттер үчүн негиз болуп калган.

Эгерде Батыштын заманбап тарыхына кайрыла турган болсок, анда көптөгөн аналогиялар өзүнөн өзү суралат. Аталган аналогияларга кайрылсак. Европалыктар өзүнүн гүлдөп-өсүү доорунда дүйнөлүк экспансияны көпчүлүк жагынан оң маанайдагы демографиялык динамиканын жардамы менен жүзөгө ашырган. Колониядаштырууну жүзөгө ашырышкан мамлекеттер, негизинен, өзүлөрүнүн жеке чектеринен тышкары ашыкча калкты чыгарып таштакан. Азырынча аталган ашыктык болуп турганда, өнүгүүдөгү олуттуу стимулдар да болуп турган. Аталган өлкөлөрдө басымдуулук кылган көп балалуу үй-бүлөлөр диний христиандык дүйнө көз караш менен катар батыш европалык элдердин бекем баалуулук негизи калыптанган негиз болуп калган. Ошентип, аларда өзүнүн аскердик атак-даңкка жана үстөмдүкө барышкан римдиктер сыяктуу эле өзүлөрүнүн «алтары жана очогу» же өзүнүн ишеними жана үй-бүлөсү үчүн күрөшүүгө негиз болгон. Бул элдерде римдик жарандар сыяктуу эле бир канча кылымдар аралыгында мурунку моралдык-этикалык максима «алтар жана очок» негизги принцип, жетектөөчү идея башкасы менен алмашкан, качан гана демографиялык өсүү төмөндөгөндө, плюс белгиси минуска алмашат. Бул XX кылымдын экинчи жарымында болот. Азыркы мезгилде дээрлик бардык европа өлкөлөрүндө болууда. Башкача айтканда, нукура европалык калк жоголууда. Заманбап европаны камтыган демографиялык кризис эми калктын табигый өсүүсүнүн эсебинен узартылышы дээрлик мүмкүн эмес. белгилүү бир жеңилдетүүлөр жана кошумча төлөмдөр түрүндөгү төрөлүүнү стимулдаштыруу Рим империясындагыдай эле бардык Европада өзгөчө ийгилике ээ болбойт. Бир канча он жылдыктарда европалыктар аталган маселени Европага келип, отурукташып негизги массасында аларга сунушталган баалуулук системаны кабыл албаган жана өзүнүн жеке негизинде олуттуу айырмаланышкан иммигранттардын эсебинен чечүүгө аракет кылышууда. Жергиликтүү европалыктар менен көчүп келген калктын ортосундагы конфликттер

биринчи кезекте диний өзөктө пайда болот. Бирок эгерде көңүл бурулган формасындагы диний дүйнө карашында баалуулук элестөөлөр, көз караштар жана түзөтүүлөр болсо, анда диний конфликт – бул негизинен, баалуулук системалардын конфликти.

Көпчүлүк жагынан заманбап Батыш (болбоду дегенде анын европалык бөлүгү) Рим империясына абдан жакын. Римде да ошондой, башка элдердин, мамлекеттердин жана цивилизациялардын алдында болгон олуттуу техникалык, экономикалык, уюштуруучулук жана аскердик үстөмдүк, ошол эле саясий институттар, керектөө коому, демографиялык маселелер ж.б.у.с.

АКШ менен анын союздаштарынын мусулмандык Чыгыш мамлекеттеринин, тагыраак айтканда Ирактын, Афганистандын жана Ливиянын катарына кирүүсү, андан тышкары «түстүү революциялар», «араб жазы» дегендерди түртүү жана уюштуруу Жакынкы Чыгыштагы кырдаал олуттуу түрдө дестаблизациялануусуна алып келген, ал өз кезегинде кубаттуу миграциялык процесстерди каарданткан. Аталган процесстердин натыйжасы катары Евробиримдиктеги миграциялык кризис саналган, ал европа коомунун терең ички чабалдыгын тапкан, бул туурасында С.Хантингтон батыш коому ыңгайлуулук шартында «пассивдүү» болуп калган деген пикирди айткан. Аталган постиндустриалдык коомдун ички чабалдыгы салыштырмалуу тарыхтын Жаңы парадигмасы болуп эсептелет.

«**Кыргыз этносунун тарыхтын салттуу мезгилинен азыркы мезгилге чейинки парадигмаларынын трансформациясынын өзгөчөлүктөрү**» *аттуу үчүнчү бапта* - кыргыз этносунун тарыхтын салттуу мезгилинен азыркы мезгилге чейинки парадигмаларынын трансформациясынын өзгөчөлүктөрү ачылып берилип, талдоого алынат.

*Үчүнчү баптын* «**Салттуу кыргыз коому жана исламды кабыл алынуусуна байланыштуу анын парадигмаларынын өзгөрүүсү**» *аттуу биринчи параграфында* – салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын тарыхтын жаңы мезгилине болгон өзгөрүүсү изилденет.

Кыргыз элин салттуу түрдө чыгыш элдерине таандык кылабыз жана ал туурасында талашуу абдан кызыгууну жаратат. Биз чындыгында эле чыгыш элдеринин болуп эсептелебиз. Бирок бул кырдаал бизди көптөгөн суроолордон куткарбайт. Чыгыш биз жогоруда белгилеп кеткендей, дээрлик бардык жагынан көп түрдүү, алсак- этникалык, расалык, менталдык, маданий, диний ж.б. көз караштардан алып караганда. Демек, кыргыз эли чыгыш эли, биз батыш эли эмес экендигибизди кошуча маалымдабайт.

Өзүнүн узак тарыхында кыргыз элинин дүйнө көз карашында, кабыл алуусунда жана реалдуулука болгон карым-катнашындагы кыйла олуттуу өзгөрүүлөр, биздин пикирибизде, эки жолу болду. Албетте, аталган өзгөрүүлөр курчап турган реалдуулуктун трансформациясы менен биргеликте болду. Биринчиден, кыргыздар бир канча кылымдар аралыгында мусулманчылыкка өтүүнү жүзөгө ашырышкан. Экинчиден, тарыхтын советтик мезгилинде көчмөнчүлүктөн отурукташкан жашоо образына өтүштү. Аталган эки кадам биздин эл үчүн жана анын акыркы

парадигмаларынын өзгөрүү жаатында да кыйла олуттуу натыйжаларга алып келди. Эгерде биринчи кадам олуттуу дүйнө көз карашык жана менталдык өңүттөгү өзгөрүүлөргө, ал эми тышкы басымдын таасири алдында жүзөгө ашырылган экинчи кадам болсо жашоо образдагы түп орду менен болгон өзгөрүүлөргө алып келди.

Белгилүү россиялык түркolog, арабист, чыгыш, ислам таануучу жана тарыхчы В.В.Бартольд кыргыздар туурасында мындай деп жазган: «Кыргыздар Орто Азиянын байыркы элдеринин катарына таандык. Орто Азияда жашаган элдердин ичинен азыркы мезгилде тарыхта ушундай эрте жолуккан бир дагы аталыш жок» [Бартольд, В.В. Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана (Составление, дополнение, комментарий и предисловие О. Караева). – Бишкек: Шам, 1996. 176-б.]. Андыктан, белгилүү болгондой, кыргыздар өзүнүн тарыхынын басымдуу бөлүгүн, салыштыргыс өзүнүн узактыгын калган бөлүгү менен көчмөн жашоо образын карманышып, XX кылымдын алгачкы үч он жылдыгына чейин уланган. Мындай консерватизм биринчи кезекте кыргыздар көптөгөн кылымдар бою таандык болуп келген көчмөн цивилизациянын өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.

Жашоонун салттуу формасынын консервациясы, албетте, дүйнөгө көз караш, дүйнө туюм, дүйнө кабыл алуу ж.б.у.с. феномендерге олуттуу деңгээлде эки кырдаал шарт түзгөн. Биринчиден, кыргыз этносунун дээрлик салыштырмалуу көп санда болбоосу, кыргыздарга сапаттуу жаңы абалга өтүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Экинчиден, кыргыз урууларынын чачырандылыгы, тарыхтын дээрлик көчмөнчүлүк бөлүгүндө кеңири мейкиндиктерге ылайыкташып, алардын абсолюттуу чарбачылык өз алдынчалыгы менен катар ортосундагы байланышты минимумга жеткирип, өзүнүн саясий, маданий жана менталдык өз алдынчалуулугун сактап калууга, андан тышкары өнүгүүнүн жаңы сапаттуу деңгээлине өтүүнү шарттаган.

Анын дүйнө көз карашындагы, кабыл алуусундагы жана реалдуулука болгон карым-катнашындагы кыйла олуттуу өзгөрүүлөр кыргыздар бир канча кылымдар аралыгында мусулманчылыкка өтүүнү жүзөгө ашырганда болгон.

Салттуу кыргыз коомунун диний элестери анын тарыхынын эрте мезгилинде өзүнө табият обөектилерине болгон сыйынуу ырым-жырымдарын, кабыл алууну, идеяларды, алардын персонификациясын, тотемизмди жана анимизмди, антропоморфизмди, шаманчылыкты ж.б.у.с. камтыган.

Байыркы кыргыз урууларынын дээрлик толук чарбачылык өз алдынчалуулугу жана башка коомдордон эле эмес, бири-биринен да болгон алардын салыштырмалуу оолактоосунда ар бир уруу ар кыл идеолдор менен кудайлардын панеонунун жардамы менен өзүлөрүнүн диний сезимдерин канаттандырышкан. Баардыгы үчүн реалдуу жана зарыл муктаждыктар шарттарында бири-бирине көз каранды болбогон кыргыздарда универсалдуу дин болгон эмес. Башка элдердин таасиринин эсебинен монотеистик ишенимге ыктоо мүмкүнчүлүгү башка элдер менен байланыштар, эреже катары эпизоддук жана уланбоочулук мүнөзгө ээ болгон жашоонун мобилдик

образынын себеби боюнча олуттуу түрдө төмөндөп кеткен. Алар менен болгон карым-катнаштар касташуучулук мүнөзгө ээ болгондугун айтпай эле коелу.

Мунун баары жыйындысында, кылымдар бою жашоонун салттуу формасынын, анын менен бирге алгачкы ишенимдердин туруктуулугун камсыз кылган. Көчмөн коомчулук төмөнкү өндүрүштүк эмгек жана экономиканын экстенсивдик тиби мүнөздүү болгон катаал климат шарттарында өндүрүлгөн турмуштук жыргалчылыктардын системалуу ашыктыгын камсыз кыла алган эмес,ал болсо социумдун мүчөлөрүнүн өз ара көз карандылыктарын олуттуу күчөтүп, өз кезегинде жашоонун бардык формаларынын консервациясына алып келген.

Биринчи жолу ислам Борбордук Азиянын аймагына VIII кылымда кирген, анда арабдар өзүлөрүнүн халифатын кеңейтүү менен жаңы аймактарды басып алуу аракетин көрүшкөн. Бирок XIX кылымда гана, өзгөчө анын экинчи жарымында мусулманчылык кыргыздар арасында ийгиликтүү орной баштаган. Аталган процесс кыйла интенсивдүү түрдө кокон хандыгына кошулган кыргыз аймактарында кыргыз урууларына таандык жерлерди толугу менен кошулуу максатында болуп, ассимилятордук саясатты туруктуу жана активдүү жүргүзгөн, бул туурасында, С.М.Абрамзон төмөнкүчө жазган: «Түштүк кыргыз урууларынын ичине ислам кыйла терең тамыр жайган…Бирдиктүү таралууга ээ болгон мусулмандык ыйыктардын культу, түштүк кыргыздарынын арасында кыйла ачык берилген» [ Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф.: Кыргызстан, 1990. 240-б.].

Тышкы таасир, албетте, кыргыздардын мусулманчылыкка өтүүдө чечүүчү ролду ойногон. Бирок иш аталган таасир менен менен эле чектелип калган деп эсептөө терең жаңылыштык. Белгилүү бир деңгээлде кыргыздардын исламды кабыл алуусун теңирчилик менен болгон мусулмандык диний окуусунун кээ бир ички жакындыгы, алардын формалдуу дал келүүлөрү шарттаган. Аларды факторлордун бир катары шарттаган, алардын ичинде биринчи кезекте, түрк элдеринин басымдуу бөлүгүнүн исламга болгон жакындыгы; бир эле мезгилде кыргыз элинин саясий элитасын, жалпы эле кыргыз элин коргогон кыргыз арстократиясынын кызыкчылыктарын ылайык келүүсү, XIX- XX к. башында ошол мезгилде чачыранды болгон кыргыз уруулары үчүн бириктирүүчү күч жана идеология болуп калуусу ыктымал болгон исламды кабыл алууда; кыргыз элинин исламды тутунган элдер менен болгон базалык баалуулуктарынын белгилүү бир дал келишүүлөрү сыяктууларды көрсөтүү зарыл. Кептин баары аталган элдердин, кыргыздар сыяктуу эле өзүнө салттуу коомду камтып турушунда, ошондуктан алар менен кыргыздардын ортосунда бардык жагындагы антогонизм болгон эмес, ал күнүмдүк жашоонун жана акыркы турмуштук принциптерге тийиштүү болгон. Ислам, өзүнө салттуу коомдун динин камтуу менен, дайыма аталган фактыны өзүнүн пайдасына

пайдаланып, өзүнүн негизинде салттуу коомду алып жүрүшкөн элдердин спецификалык белгилерине ыкташтырууга аракет кылышкан.

Ошентип, аталган бардык факторлор объективдүү түрдө кыргыздардын исламга толугу менен өтүүсүн шарттаган. Бирок аталган өтүү патриархалдык уруулук коом феодалдашуу процессине дуушар болгондо салыштырмалуу кеч болуп өткөн, аталган коомдо мусулмандык ишенимдин элементтери нукура ишенимдердин көптөгөн элементтери менен бирге пайда болуп, байланышкан, мындайча айтканда азыркы күнгө чейин да байкалууда. XIX – соңу XX к. башында исламга толугу менен ыктоо менен кыргыз эли консерватизмдин жогорку деңгээли менен айырмалануу менен бардык заманбап дүйнөлүк диндердин ичинен консервативдуу болуп анын андан аркы тагдырына белгилүү бир таасирин тийгизген. Биз изилдеп жаткан парадигмалардын көз карашында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү төмөнкүчө мүнөздөөгө болот. XIX кылымдын ортосунда кыргыз уруулары жайгашып, олуттуу өзгөргөн реалдуулук, тышкы коркунучтарга активдүү иш-аракетте болуу максатында терең ички трансформацияларды талап кылган. Тышкы чакырыка болгон бирден-бир жооптордун бири катары кыргыз элинин негизги массасынын исламды толугу менен кабыл алуусу болгон, негизинен, кыргыз элинин дүйнө көз карашы менен идеологиясындагы түп орду менен болгон өзгөрүү катары баа берүүгө болот. Кылымдар бою чачыранды кыргыз урууларынын жеке этноско биригүүсүнө тоскоолдук жараткан политеистик ишенимдин ордуна кыргыздарды биротоло бириктирүүгө жөндөмдүү монотеистик дин келген. Экинчи жагынан, өзүнүн консервативдүү мүнөзүнө карабастан ислам кыргыздар арасында маданияттын көптөгөн салттуу формалары менен элементтеринин бекитилүүсүнө шарт түзсө, бир жагынан, белгилүү бир деңгээлде кыргыз элинин заманбап өнүгүүсүнүн мүнөзүн аныктаса, экинчи жагынан – тарыхтын заманбап этабында белгилүү бир маселелерди түзөт. Кептин баары, бүгүнкү күнү дээрлик бардык мусулмандык мамлекеттер, анын ичинде биздин да мамлекет тигил же бул ийгилик менен диний аң-сезимге жана маданияттын инновациялык түзүүчүсүнө таандык болгон консерватизм ортосундагы оптималдуу карым-катнаштарды чечүүгө аракет кылуусунда турат. Мусулмандык дүйнө ага мүнөздүү болгон типтүү бир катар белгилер менен мүнөздөлүп, инновацияларга болгон терс карым-катнаштарды аныктайт, андыктан акыркысы тигил же бул жол менен коомдун ички туруктуулугун жана анын узака созулган жашоосун камсыз кылган салттуу институттарды кыйратышат. Ушуга байланыштуу, Жакынкы Чыгыштын элдери азыркы мезгилде исламды тутунушуп, европа сыяктуу жеке «батуу» жана тарыхый сценадан толугу менен кетүү маселелерин башынан кечирген жок, алар болсо салттуулукка болгон ыктоочулук менен милдеттүү.

*Үчүнчү баптын* «**Тарыхтын жаңы мезгилиндеги салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүсү**» *аттуу экинчи параграфында* – тарыхтын жаңы мезгилиндеги салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүлөрү талдоого алынат.

Чыгыш бардык жагынан алып караганда кеңири жана көп түрдүү (расалык, этникалык, лингвистикалык, диний, менталдык, маданий ж.б.у.с.), кандайдыр-бир элди же Азияда жайгашкан өлкөнү чыгыш өлкөсүнө таандык кылуу менен мүнөздөөгө аракет кылат. Өзгөчө муну азыркы мезгилде Азиянын бир катар мамлекеттери коомдук-экономикалык өнүгүүнүн эң жогорку баскычында турганда жасоо кыйын, ал постиндустриалдык коом катары аныкталат, орто кылым доорунда болгон элдер менен мамлекеттер бар. Ал тургай өз алдынча түрк элдерин алуу менен «орус дүйнөсү» менен «түрк дүйнөсү» катары аныктоого болот, биз расалык, диний, маданий, социалдык-экономикалык, менталдык ж.б. өңүттөрдө кыйла кеңири маалыматты алабыз.

Азыркы мезгилде кыргыз эли маданий жана цивилизациялык өңүттө азыркы мезгилдеги цивилизациялардын баардыгына айныксыз таандык кылуу кыйын. Чыгыш менен Батыш, Түндүк менен Түштүк кезигип, кылымдар бою аймагында жашаган кыргыздар айныксыз түрдө өзүнө ар кыл маданияттардын белгилүү бир белгилерин сиңирип алган. Натыйжасында кыргыздар азыркы мезгилде маданий жана менталдык көз караштa өзүнө маданий конгломератынын биригүүсүн камтып турат, ал анын бирден-бир заманбап парадигмалык белгилерин, өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Жалпы чектерде кыргыз этносу өзүнүн бардык тарыхынын аралыгында өзгөчө акыркы эки жүз жылдыкта кандай белгилерди сиңирип алгандыгын аныктоого аракет кылабыз.

Исламды кабыл алуу менен кыргыздар олуттуу деңгээлде өзүнүн баштапкы маданий жана менталдык спецификасын өзгөртүп, классикалык Чыгышка жакындады. Бирок кыргыздар тарыхтын советтик мезгилинде «орус дүйнөсүнүн» бир бөлүгү болуп, анын көптөгөн элементтерин кабыл алып болбой калган сыяктуу эле араб цивилизациясынын органикалык бир бөлүгү болгон жок. Бирок XX кылымда кыргыздар эң олуттуу цивилизациялык өзгөрүүлөрдү, трансформацияны башынан кечирди, аталган процесс болсо кийинки XXI кылымда гана күчөгөн.

А.С.Селищева менен Н.А.Селищевдин «XXI кылымдагы кытай экономикасы» аттуу китебиндеги «Төрт негизги цивилизациялар менен модернизация менен экономикалык өсүүнү кабыл алуу өзгөчөлүктөрү (1800-ж. кийин)» рубрикасында заманбап дүйнөдөгү төрт кыйла таасирлүү цивилизациялардын, тагыраак айтканда (китептин авторлору аныктагандай), европалык-антикалык-христиандык, араб-исламдык, индо-буддалык, кытай-конфуцийлик цивилизациялардын абдан олуттуу маданий-менталдык белгилери келтирилет.

Кыргыз этносунун узакка созулган тарыхый эволюциясы азыркы мезгилде кыргыздар өзү менен бардык төрт цивилизациялардын белгилерин алып жүрүшөт. Бирок бирдей деңгээлде эмес. Биз үчүн араб-исламдык цивилизация кыйла жакын, кыргыздар исламды тутунгандыктан эмес, биринчи кезекте биздин жана мусулмандык элдерге таандык болгон салттуулуктун кыйла жогорку деңгээлинин натыйжасында, андан тышкары

араб менен кыргыздардын көчмөн цивилизацияга болгон нукура таандык болуу себеби боюнча жакын келет. Биздин өлкөдө жеке менчик институту бар, андыктан коомдун негизи катары жалпы көрсөтмөнүн, коомдук теңдик принцибинин болуусунда үй-бүлө кызмат кылат. Коом олуттуу мобилдүүлүгү менен мүнөздөлөт, ал анын ички туруксуздугунун натыйжасында пайда болот. Индивидге да өзүнүн үй-бүлөсүнүн, уруусунун, жамаатынын мүчөлөрүнүн жоопкерчлиги жүктөлөт. Коом тарабынан элдешүү, улуунун алдындагы баш ийүүсү колдоого алынып, диний осуяттар саясат, экономика жана коомдук ишмердүүлүк менен алектенүүгө тоскоолдук жаратпайт.

Бирок, кыргыз коому көпчүлүк жагынан араб-ислам цивилиазциясы менен берилген коомдор менен айырмаланат. Алсак, диний принциптер, идеялар менен карым-катнаштар коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнө жана азыраак экономикага киришпейт. Аллахтын эле эмес, аны алмаштыргандардын эркинин алдындагы айныксыз баш ийүүчүлүгү кыргыз коомунун башкы көрсөтмөсү болуп эсептелбейт. Коом тарабынан индивиддин материалдык ийгилигинин сыйлануусу туурасында айта турган болсок, анда коом аны буга сыйлабайт деп айтууга болбойт. Ал сыйлабаганга караганда сыйлайт. Биз формалдуу эмес, заттардын реалдуу абалын эске алуудабыз. Кыргыз коомундагы жеке адам инсан катары кабыл алынат. Бул өңүттө биз европалык-антикалык-христиандык цивилизацияга жакын турабыз. Бизде коомдук карым-катнаштардагы индивиддин активдүүлүгү каалоосу менен болуп, ал белгилүү бир деңгээлде сыйланат, аны менен бирге коомдун мүчөлөрүнүн басымдуу бөлүгү тигил же бул жол менен саясий жашоого жана ишмердүүлүккө тартылган. Коомдо кадыр-барк менен эркиндик жогору коюлган.

Батыштын кыргыз маданияты менен мамлекеттүүлүгүнө тийгизген олуттуу таасири биздин мамлекеттин укуктук системасында байкалып, романдык-германдык укуктук үй-бүлөгө таандык болуп, анда КМШ республикаларынын укуктук системасы менен биргеликте жеке «евразиялык» топту пайда кылат. Кыргызстандын заманбап конституциялык укугунун калыптануусуна франциялык укуктук доктрина олуттуу таасирин тийгизген.

Кыргыз элине, олуттуу тышкы таасирлерге жана тарыхтын бардык кыйынчылыктарына карабастан өзүнүн негизги маданий жана маңыздык кадыр-баркын, белгисин сактап кала алды, андай белги болуп тил эсептелет, анда дүйнөнүн этникалык картинасы, аны менен бирге психология, менталдуулук, элдин руху сыяктуу түзүүчүлөрү болгон олуттуу цивилизациялык элемент калыптанат. Тигил же бул эл, чыныгы өзүнүн тилин жоготуп, ар кыл кырдаалдарга карабастан мурунку психологиясын, менталдуулугун, рухун жоготуп, ордуна башкасына ээ болот. Кыргыздар жеке тилин сактоо менен өткөн, азыркы менен келечектин ортосундагы руханий жана менталдык сызыкты байланыштырган муундар ортосундагы ырааттуулукту да сактап кала алды. Реалдуулукту өзгөртүү менен мурунку

цивилизациялык белгилерди, аны менен бирге ылайыктуу парадигмаларды да айныксыз түрдө өзгөрттү.

Кыргыз эли конкреттүү кырдаалдарга карабастан Россия мамлекетине кошулган мезгилден тарта, алар менен анын болмушу менен дүйнө көз карашынын негиздерин козгогон өзгөрүүлөр болуп баштаган. Россия өзүнө Кыргызстанды кошуп алуу менен кыргыз элинин тагдыры менен тарыхына кыргыздар мурун өнүккөнгө салыштырмалуу таптакыр башка багытты берген. Убакытты менталдык кабыл алуунун деңгээлиндеги өткөнгө кайрылуу чындыгында эле мүмкүн болбой калды. Кылымдар бою кандайдыр-бир өзгөрүүлөргө дуушар болбогон мурунку түзүлүштөр кыйрабастай сезилип, башка социалдык реалдуулуктун алдында көз алдыбызда жоголду, андыктан убакыт сызыктуу мүнөзгө ээ болду. Бирок анын багыты жана менталдык маңызы эле эмес, б.а. субъекттин деңгээлиндеги убакытты кабыл алуу, анын ыргагы менен ылдамдыгы да өзгөрүүгө дуушар болду. Убакытты кабыл алуунун, анын менталыдк баа берүүсү түп-орду менен өзгөрдү. Бир эле мезгилде убакыттын парадигмасын өзгөртүү болуп өткөн. Чындыгында, падышалык доорунда аталган процесс исламдын таасирин айтпаганда жаңы эле башталды. Советтик мезгилде болсо убакытты кабыл алуу процесси өзүнүн соңуна чыккан.

Советтер Союзунун калкын түзгөн советтик мамлекет бардык элдердин аң-сезимине киргизүүгө аракет кылган бардык мүмкүн болгон билимдердин болуп көрбөгөндөй көлөмү кыргыздардын салттуу ишенимдери, элестөөлөрү, дүйнө туюмдары, кабыл алуулары жана дүйнө көз карашы турган чектерге кире алган эмес. Жаңы билимдер эле эмес, аларды алуунун методдору жана жеткиликтүүлүгүнүн баа берүүсү да сунушталган. Ошентип, кыргыз чөйрөсүндө билимдердин парадигмасынын өзү өзгөрүп, аң-сезимге кирип, зарыл түрдө социалдык феномендердин бүтүн комплексин кайра өзгөртүшкөн.

Болжол менен жыйырма жыл аралыгында кыргыздар отурукташан жашоо образына өтүшүп, түп тамыры менен жашоонун мурунку көчмөн парадигмасын өзгөрткөн. Андыктан кыргыздардын мамлекеттүүлүгү жөн эле түзүлбөстөн, ал жаңы саясий, укуктук, социалдык-экономикалык жана маданий негиздерге калыптаган.

Заманбап индустриянын өнүгүүсү билим берүүнүн бардык системасынын ылайыктуу деңгээлге көтөрүүсүз мүмкүн эмес, ал эми советтик мамлекет аталган милдетти кыйла ийгиликтүү аткарып, орто жана жогорку окуу жайларынын түйүнүн түзгөн.

Советтик мезгилде кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө кыргыздардын салттуу экологиялык элестөөлөрү жана экологиялык аң-сезими дуушар болгон. Табияттык процесстер тууралындагы билимдерди түп-орду менен өзгөртүү табияттын өзүнө болгон мамилени өзгөрттү. Ошол мезгилден тарта мурун табиятка кылдат мамиле кылган кыргыздар табияттык чөйрөгө дайыма ыңгайлашуу менен аны эксплуатациялоого киришкен, ал анын сырдуулугу менен кереметтүүлүгүн алуу менен коштолгон. Жаңы экологиялык парадигма

анын материалистик негизи болуп кыргыз чөйрөсүндө үстөмдүк кылуучу болуп калды. Табияттын органикалык бөлүгүнүн абалынан кыргыздар анын «мырзасы» болуу абалына өттү. Демек, кыргыз элинин аң-сезиминде табияттын парадигмасында түп-орду менен өзгөрүү болуп өттү.

Жетимиш жылдан ашуун мезгилде өзөгүндө көптөгөн салттуу парадигмаларды алмаштырган кыргыз этносунун эң терең жана масштабдуу модернизациясы болуп өттү. Ошондой болсо дагы, модернизация кыргыз элинин өнүгүүсүнө артка кайткыс мүнөз берсе дагы Советтер Союзунун кулашынын натыйжасында соңуна чыкты. Аны кыргыздардын басымдуу бөлүгү айыл жеринде жашоосу шарттады, аларда көп балалуу үй-бүлөлөр, жашоонун салыштырмалуу анча чоң эмес деңгээли, билим берүү ж.б.у.с. үчүн мүнөздүү болгон жашоонун салттуу формалары сакталып калган.

Советтик мамлекеттин жетекчилиги менен терең системалык кризисти алдын алуу максатында башталган кайра куруу саясаты акыр аягында СССРдин тарашына алып келди.

Кыргызстанда вестернизация алкагында жүзөгө ашырылган модернизация басымдуу бөлүгүндө Батыштын баалуулук системасын толук көлөмүндө кабыл алууга даяр эмес жана каалабаган коомдогу консервативдүү маанайларды жана тенденцияларды күчөттү. Республикадагы диний институттардын олуттуу тышкы каржылык колдоодогу өзгөчө активдүүлүгү Кыргызстандагы диний идентүүлүктүн базасында дагы деле уруулук байланыштар менен карым-катнаштар күчтүүлүк кылган кыргыздарды бириктирүү үчүн негиздер пайда болгон, андан тышкары Кыргызстандын жаңы тарыхында пайда болгон жаңы парадигманы түзөт. Кыргыз эли, М.Мырзабаевдын пикири боюнча, өзүнүн негизги руханий байлыгы катары исламды эсептейт жана ал аны келечек муундар үчүн сактап, өткөрүп берүү максатына ээ [Мырзабаев, М. Понятие ислама в Кыргызстане // Слово Кыргызстана. – 2003. 9- ноябрь].

Биздин өлкөнүн чектериндеги заманбап парадигмалардын өзгөрүүсүнө байланыштуу Кыргызстандын эгемендүүлүктү кабыл алуусунан кийин эбегейсиз масштабдарды кабыл алган ички жана тышкы миграциялык процесстерге көңүл буруу зарыл.

СССРдини тарашы Кыргызстан азыркыга чейин чыга элек терең системалык кризис менен катар ички эле эмес, сырткы миграцияны да азгырган, анын натыйжасында өлкөнү биздин өлкөнүн ченеми боюнча жергиликтүү жана жергиликтүү эмес калктын көп сандагысы таштап кетишкен. Кыргыздардын басымдуу бөлүгү урбанизация процессине тартылышкан. Кептин баары шаар айылдын жана айылдык жашоо образдын, ойлом менен дүйнө көз караштын образынын антиподу катары эсептелишинде. Бардык социалдык жана экономикалык процесстер, айылга караганда кыйла интенсивдүү өткөн щаардын шарттарында коомдун салттуу түзүлүштөрүнүн кыйроосу болот. Азыркы мезгилде Кыргызстандагы шаарлар жашоонун салттуу эле эмес, салтсыз формаларынын маанилүү борбору болуп эсептелет, аталган формалардын ортосунда белгилүү бир баланс бар, калыбы,

дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, убакыттын өтүшү менен эки-үч муундардын жашоо аралыгында салттуулук олуттуу бир деңгээлде жашоонун урбанизацияланган формалары менен чыгарылып, жаңы парадигмалар үчүн шарттарды түзөт.

## КОРУТУНДУЛАРЫ:

Диссертациянын **корутундусунда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн төмөнкүдөй корутундулары келтирилет:

1. Чыгыш жана Батыш сыяктуу маданий, менталдык жана географиялык феномендердин карама-каршылыгы үчүн объективдүү негиз болуп алардагы олуттуу жана аны менен бирге Батыш менен Чыгыш мамлекеттеринин саясий түзүлүшүнөн баштап салттар, баалуулук системалар, багыттар жана диний көз караштар менен аякталган бардык маданий-менталдык спектрдеги маңыздык айырмачылыктардын реалдуу болуусу эсептелет. Алардын ортосундагы айырмачылыктар абдан көп жана терең, ынанымга өтүп кеткен айныксыз таасир пайда болот, алар алыстаган тарыхый келечекте да бир бүтүндүккө бириге алышпайт.

2. Чыгыш географиялык, маданий, менталдык, сандык жана көптөгөн башка өңүттөрдө Батышка караганда кыйла кеңири жана көп түрдүү, ал аталган феноменди аныктоодо олуттуу методологиялык жана башка кыйынчылыктарды түзөт. «Чыгыш» көпчүлүк учурларда «Азия» түшүнүгүнө окшош түшүнүк катары колдонулат. Азия ушунчалык кеңири жана көп түрдүү, аталган көп түрдүүлүккө карабастан заманбап Батышка караганда кыйла карама-каршылыктуу көрүнүш. Алсак, эгерде Батыш цивилизациясынын негизин түзүүчү европа мамлекеттери жана АКШ болжол менен коомдук-экономикалык өнүгүүнүн бир деңгээлинде туруп, көпчүлүк жагынан окшош баалуулук жана дүйнө көз караштык негизге ээ болсо, андан Чыгыш (же Азия) кыйла татаал, көп түрдүү жана карама-каршылыктуу картинаны билдирет.

3. Чыгыш менен Батыштын ортосундагы карым-катнаштардын белгилүү бир этабы жана мезгили аталган мезгил бир канча жүз жылдарга созулуп, салыштырмалуу туура болгон бир катар элестөөлөрдү жаратты, ошондой болсо дагы өзүнүн соңуна чыгып аталган мезгил бүтүп же болбоду дегенде өзүнүн аяктоосуна жакындаганда жалган болуп калды.

4. Ааламдашуунун заманбап доору Чыгыш менен Батыштын өз ара карым-катнаштары менен байланышкан кээ бир стереотиптердин кыйроосун шарттайт. Чыгыштын салыштырмалуу статистикалуулугу, тагыраак айтканда, анын Европадагы капитализмдин болуп көрбөгөндөй гүлдөп-өсүү мезгилиндеги стагнациясы таасир жаратты, андан кийин цивилизациянын түбөлүктүү стагнациясы катары Чыгыш тууралуу жалган элестөөгө өсүп жетти. Натыйжасында аталган элестөө жаңысы менен кошумчаланып, ага ылайык чыгыш мамлекеттери менен цивилизацияларынын бирден-бир баалуу баалуулуктарынан болуп туруктуулук эсептелет. Аталган сөз,

аныктама азыр айтып жүрүшкөн «статтуулук», «токтоо», «стагнация» сыяктуу сөздөрдүн алмашуусу болуп эсептелет.

5. Дүйнөлүк тарыхтын белгилүү бир этабында, тагыраак айтканда өткөн кылымдын токсонунчу жылдары жана кийинки кылымдын башталышында либералдуу демократия ылайыктуу базар экономикалык модели менен белгилүү бир социалдык-саясий идеал жана мурунку советтик республикаларда жана бир катар европалык постсоциалистик өлкөлөрдүн максаты катары бекитилген. Ошол мезгилде либералдык демократиянын сынчылары ага реалдуу альтернативаны сунуштай алышкан эмес. Либералдык демократияга азыркы мезгилде толук кандуу альтернатива жок. Бирок, экинчи жагынан, Батыштын реалдуу терс саясий жана аскердик тажрыйбасы либералдык демократиянын мамлекеттердин маданий өзөгүнө киргизүү менен коштолуп, Советтер Союзунун кулашынан кийин олуттуу деңгээлде ага демократиянын идеясынын өзүн дискредитациялаган.

6. Батыш географиялык эле эмес, маданий жана менталдык реалдуулук катары так чийилген чектерге ээ эмес. Ошондой болсо дагы, ал спецификалык географиялык, маданий, менталдык жана расалык феномен катары реалдуу жашайт. Азыркы мезгилде борборун англосаксондук дүйнө түзгөн өзгөчө концентрациялык конструкция туурасында кеп кылуунун мааниси бар, андан кийин борбордон аталган конструкцияны алып салуу ченеми боюнча Европанын континенталдык бөлүгүндө жашашкан католиктик жана протестанттык элдер, андан ары православдык славяндык элдер түзөт. Экинчи жагынан, азыркы мезгилде Батышка таандык болгон мамлекеттер менен элдерде Батыш жараткан капитализм сыяктуу фундаменталдуу көрүнүш менен байланышкан бир негиздүү жалпы белги бар. Дээрлик бардык батыш мамлекеттери ар кыл мезгилдерде өнүгүүнүн капиталистик фазасына киргендигине карабастан, азыркы мезгилде да экономикалык планда капиталистик болуп эсептелишет.

7. «Чыгыш» категориясы биринчи кезекте коңшулаш элдердин маданий жана менталдык жакындыгын эмес географиялык факторун билдирет. Андан тышкары, Азиянын ири көлөмдөрү көптөгөн элдердин коңшулугун кыйла шарттуу кылат, эгерде XX кылымга чейинки начар өнүккөн инфраструктураны эске алганда. Акыркы ой абдан сезилерлик болуп калды, биз Ыраакы Чыгыш өлкөлөрү ар дайым Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринин гана жасала турган көп эмес, бирок ошондой эле татаал, абдан күчтүү тоо кыркаларынын түрүндө күчтүү жерлер бөлүнүп белгилеп кетсек болот.

8. XX кылымдын башында эле Чыгыш менен Батыштын ортосунда өзүнүн коомдук-экономикалык өнүгүүсүндө алдыга озуп, жалпы эле Чыгыш, анын кээ бир бөлүктөрү алдын алууга мүмкүнчүлүгү болбогон боштук жатат. Ошол мезгилде азиялык мамлекеттирдин басымдуу бөлүгү бир катар жалпы белгилер менен мүнөздөлгөн, аларды типологиялык, тагыраак айтканда: этатизмдин жогорку деңгээли, жеке менчикти мамлекеттештирүү, жамааттын индивидуумдун үчтүнөн болгон абсолюттуу үстөмдүк кылуусу сыяктуу толук мүнөздөөгө болот, анда инсандын өз алдынчалуулугу, адамдын укуктары

менен эркиндиктеринин категорияларынын жоктугу, ошол мезгилде европа мамлекеттери менен АКШда кыйла күчтүү өнүгүүгө ээ болгон. Аталган категориялар өзүнө философия жана жекеликтин тараган тажрыйбасы, индустрия жана жеке менчик институту сыяктуу маңыздык элементтердик камтыган бүткүл маданий комплексттин органикалык бөлүгү болушкан.

9. Батышка дүйнөнүн заманбап кейпиндеги аныктоочу роль таандык. Бир канча кылымдар аралыгында чыгыш, батыш цивилизацияларын баш ийдирүү эле эмес, Батыштын маданиятынын көптөгөн элементтерин башка маданий негиздерги киргизүү да болгон. Бир канча жүз жылдарга уланган олуттуу аскердик, экономикалык жана технологиялык басымдуулук Батыштын кызыкчылыгын коргогон элдер өзүлөрүн жана маданиятын үстөмдүк кылуучу катары эсептей башташкан, анын тегерегинде дүйнөлүк тарых жана калган дүйнө айланып, өз кезегинде батыш маданияты универсалдуулуктун бардык белгилерине ээ болот, б.а. тарыхый, менталдык жана маданий спецификага карабастан бардык элдер үчүн жарактуу болгон ички ынанымга алып келген. Батыштын активдүү экспансионистик саясаты ылайыктуу теоретикалык түзүлүштөр, концепциялар менен бекемделип, акталып, негизделген.

10. XX –XXI кк. башында башка цивилизацияларга таандык болуп, элдердин маданий ассимиляциясына багытталган Батыштын саясаты биринчи кезекте маалыматтык технологиялар менен мүмкүн болгон бардык техникалык каражаттардын жардамы менен өзүнүн жеткен чегине жетти. Аны менен катары адамзат үчүн ыңгайлуу болгон универсалдуу, батыш маданиятынын мүнөзүн далилдеген көз караштар менен концепциялар пайда болду. Батыштын маданияты чындыгында эле, биринчи кезекте илим, техника жана технологиялар менен байланышкан бир катар универсалдуу белгилерге ээ болгондугуна карабастан, кандайдыр-бир элге же жеке цивилизацияга таандык болгон бардык эле башка маданият сыяктуу универсалдуу болуп эсептелбейт.

11. Калган бардык цивилизациялардын, анын ичинде Чыгыштын бирдиктүү иш-аракетиндеги жана калыптануусундагы Батыштын ролу олуттуу. Ошондой болсо дагы, бир катар азиялык мамлекеттердин кубаттуу экономикалык өсүүсү боюнча дүйнөлүк конфигурацияда дайыма төмөндөөдө, бул ар бир он жылдык сайын байкалууда. Бүгүн болсо айныксыз болгондой, өзүнүн таасирин, кубаттуулугун жана айныксыз үстөмдүк кылуусун Батыш басып өттү. Көпчүлүк жагынан заманбап Батыш (болбоду дегенде анын европалык бөлүгү) Рим империясына абдан жакын. Ошондой эле маселелер Римде да бар, башка элдердин, мамлекеттердин жана цивилизациялардын үстүнөн болгон олуттуу техникалык, экономикалык, уюштуруучулук жана аскердик басымдуулук, ошол эле саясий институттар, керектөө коому, демографиялык маселелер ж.б.у.с.

12. Цивилизациялык көз караашта кыргыздар узак тарыхый мезгилде бир канча мезгил аралык абалда турушкан. Биз, албетте, Батышка таандык эмеспиз. Экинчи жагынан, кыргыздардын көчмөн цивилизациясы тарых процессинде өзүнө Чыгыш эле эмес, Батыш үчүн да мүнөздүү болгон

белгилүү бир белгилерди сиңирип алды. Номадизм феномени, ага таандык маданияттын милитаристик мүнөзү өзүндө жекелик жана жамааттык, либералдык жана этатистик башталыштарды айкалыштырган. Албетте, көчмөндөрдүн маданияты менен менталитети үчүн корпоративдик эле эмес, жекелик башталыштардын абсолюттуу үстөмдүк кылуусу таандык болгон эмес. Уруулук көчмөн социум кылымдар бою аскердик демократия шарттарында жашаган.

13. Бардык көчмөн элдерге таандык болгон бирден-бир фундаменталдуу белгилерден болуп мезгилге карабастан бекем карманышкан чарбачылыктын малчылык системасынын абсолюттуу үстөмдүк кылуусу эсептелет. Аталган чарбачылык специфика, турмуштук камсыздоонун ыкмасы, жашоо үчүн каражаттарды табуу үй жаныбарларынын кыйла басымдуулугу биринчи кезекте дайыма көчүп жүрүүлөрдүн эсебинен алынуучу жайыттык тойут менен тамактанып, бардык көчмөн цивилизациянын табигый негизи болуп эсептелет. Анын ичинде анын экстенсивдик мүнөзү, натыйжасы катары кээ бир минималдашууга болгон шыктуулук жана мажбурлоочулук ыктоочулук, жалпы жонунан, жашоонун салттуу формаларына терең таандык болгон материалдык эле эмес, көчмөн коомчулуктун руханий маданиятынын жана дүйнө көз карашынын мүнөзүн берип, консерватизмге болгон жарамдуулугун билдирет.

14. XIX к.соңунда – XX к. башында кыргыз эли исламга көчмөн жашоо образынын көп кылымдык жакындыгы менен шарталып, толугу менен кошулушу, аны менен бирге бардык заманбап дүйнөлүк диндердин ичинен эң консервативдүүсүнө ээ болду, ал белгилүү бир деңгээлде анын андан аркы тагдырына таасирин тийгизди.

15. XX жана акыркы кылымдарда кыйла олуттуу трансформацияларды башынан кечирген кыргыз этносунун узак тарыхый эволюциясы азыркы мезгилде кыргыздар өзү менен бирге дээрлик бир канча цивилизациялардын белгилерин алып жүрүшүнө алып келди. Бирок бирдей деңгээлде эмес. Биз үчүн араб-исламдык цивилизациясы кыйла жакын, бул кыргыздардын исламды кабыл алгандыгы үчүн эмес, биринчи кезекте мусулман элдерине таандык болгон салттуулуктун кыйла жогорку деңгээлинин натыйжасында, андан тышкары араб менен кыргыздардын көчмөн цивилизацияга болгон нукура тийиштүүлүк себеби боюнча. Алсак, диний принциптер, идеялар менен карым-катнаштар араб-ислам цивилизациясы тарабынан берилген коомдор менен айырмаланышат. Алсак, диний принциптер, идеялар менен карым-катнаштар коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүн, анын ичинде экономиканы өзүнө сиңирип албайт. Аллахтын эле эмес, аны алмаштыргандардын эркинин алдындагы айныксыз баш ийүүчүлүк кыргыз коомунун башкы көрсөтмөсү болуп эсептелбейт.

16. СССРдини тарашы Кыргызстан азыркыга чейин чыга элек терең системалык кризис менен катар ички эле эмес, сырткы миграцияны да азгырган, анын натыйжасында өлкөнү биздин өлкөнүн ченеми боюнча жергиликтүү жана жергиликтүү эмес калктын көп сандагысы таштап

кетишкен, ал болсо олуттуу маданий трансформацияларды башынан өткөрүүчү Россия менен Казахстандагы салыштырмалуу көп сандаган кыргыз диаспораларынын пайда болуусу менен байланышкан жаңы парадигма үчүн негиз түзүп берет.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү жарык көргөн эмгектерде чагылдырылган**:


1. Бейшенова, А.Т. О содержании категории «культура» [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Института философии и политика-правовых исследований. Выпуск №2. –Бишкек, 2015. –С.10-14. ISSN 1694 - 6677
2. Бейшенова, А.Т. Культура, культурность, культурная адаптация [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Института философии и политика-правовых исследований. Выпуск №2. –Бишкек, 2015. –С.14-19. ISSN 1694 - 6677
3. Бейшенова, А.Т. Глобализация как основа современных научных и культурных трансформаций [Текст] / А.Т.Бейшенова // Сборник научных трудов молодых ученых Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. Выпуск 21. –Бишкек, 2015. –С.234-240.
4. Бейшенова, А.Т. Культурная динамика глобализации [Текст] / А.Т.Бейшенова // Сборник научных трудов молодых ученых Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. Выпуск 21. –Бишкек, 2015. –С.240-246.
5. Бейшенова, А.Т. Глобализация и дихотомия «Восток-Запад» [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского Университета.- Том 16.-№4.-Бишкек, 2016. -С.62-64. https://elibrary.ru/item.asp?id=26168453
6. Бейшенова, А.Т. Конфликт как форма отношений между Западом и Востоком [Текст] / А.Т.Бейшенова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -№4.-Бишкек, 2016. -С.150-153. https://elibrary.ru/item.asp?id=26193286
7. Бейшенова, А.Т. Дифференциация и интеграция как естественные этапы развития общечеловеческой культуры [Текст] / А.Т.Бейшенова // Известия вузов Кыргызстана. -№4. –Бишкек, 2016. -С.113-116. https://elibrary.ru/item.asp?id=26180020
8. Бейшенова, А.Т. Глобальная экспансия Запада и ее последствия [Текст] / А.Т.Бейшенова // Известия вузов Кыргызстана. -№4. –Бишкек, 2016. -С.117-120. https://elibrary.ru/item.asp?id=26180020
9. Бейшенова, А.Т. О некоторых конфликтах и аспектах в отношениях между Западом и Востоком [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского Университета.- Том 16.-№10.-Бишкек, 2016. -С.115-118. https://elibrary.ru/item.asp?id=27506337
10. Бейшенова, А.Т. О причинах эволюции Запада на Восток[Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского

Университета.- Том 16.-№10. –Бишкек, 2016. -С.119-122. https://elibrary.ru/item.asp?id=27506337

11. Бейшенова, А.Т. Глобализация и дихотомия «Восток-Запад» [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского Университета.- Том 16.-№4. –Бишкек, 2016. -С.62-64. https://elibrary.ru/item.asp?id=27506337

12. Бейшенова, А.Т. Восток-Запад: соотношение взглядов в контретном историческом контексте [Текст] / А.Т.Бейшенова // Электронный журнал «Философия и культура».-№ 2.-Москва, 2018. -С.1-6. https://elibrary.ru/item.asp?id=32484485

13. Бейшенова, А.Т. О концепциях О. Шпенглера и А. Тойнби о «закате Запада» [Текст] / А.Т.Бейшенова // Электронный журнал «Философия и культура».-№ 2.-Москва, 2018. -С.1-7. https://elibrary.ru/item.asp?id=32484485

14. Бейшенова, А.Т. Изменение парадигмы традиционного киргизского общества в связи с принятием им ислама [Текст] / А.Т.Бейшенова // Наука, техника и образование. -№4 (57). –Москва, 2019. -С.63-69. www.3minut.ru

15. Бейшенова, А.Т. О цивилизационной специфике киргизского этноса [Текст] / А.Т.Бейшенова // Наука, техника и образование. -№4 (57).-Москва, 2019. -С.70-73. www.3minut.ru

16. Бейшенова, А.Т. Некоторые проблемы модернизации киргизского этноса в новейший период его истории [Текст] / А.Т.Бейшенова // Проблемы науки. -№5 (41). –Москва, 2019. -С.99-102. www.scienceproblems.ru

17. Бейшенова, А.Т. Фундаментальные цивилизационные изменения киргизского этноса в российский период его истории [Текст] / А.Т.Бейшенова // Вестник науки и образования. -№10 (64). –Москва, 2019. -С.57-62. https://elibrary.ru/item.asp?id=38187999

**Бейшенова Айсулуу Тилековнанын “Чыгыш-Батыш дихотомиясы: жаны реалийлери жана парадигмалары ” аттуу темадагы 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** дихотомия, реалийлер, парадигмалар, салттуулук, трансформация, маданият, цивилизация, принциптер, идеялар, баалуулук.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** катары изилдөөнүн темасына ылайык белгилүү бир дихотомиялык байланышта турган Чыгыш жана Батыш сыяктуу супер цивилизациялар кызмат кылат. Изилдөөнүн **предмети** катары аталган феномендер менен байланышкан реалдуулуктун эле эмес, парадигмалардын дагы трансформациясынын байланыштары, өзгөчөлүктөрү жана мыйзам ченемдүүлүктөрү эсептелет.

**Изилдөөнүн негизги максаты** - Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты болуп дихотомиялык байланышта каралган Чыгыш менен Батыштын салттуу пардигмаларынын трансформациясына болгон социалдык-философиялык талдоо, алардын заманбап карым-катнаштарын тактоо, андан тышкары кыргыз этносу менен байланышкан парадигмалардын өзгөрүүлөрүнө болгон талдоо жүргүзүү эсептелет.

**Изилдөөнүн теоретикалык жана практикалык мааниси** «Чыгыш»-Батыш» классикалык дихотомиясынын заманбап трансформацияларынын себептери жана мүнөзү туурасындагы социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө жана аталган дихотомиянын ылайыктуу парадигмаларынын өзгөрүүсүндө турат. Диссертациянын материалдары, андан тышкары социалдык-философиялык концепцияга жалпыланган изилдөөнүн корутундулары менен жоболору Азия мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын элдеринин башка элдер жана дүйнө мамлекеттеринин ортосундагы заманбап карым-катнаштарды талдоого алууда колдонулушу ыктымал.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстандын философиялык ойломунда азыркы мезгилге чейин «Чыгыш» жана “Батыш” деген адамзаттын бардык тарыхындагы эки негизги супер цивилизациялардын ортосундагы дихотомиялык байланышты, азыркы мезгилде болуп жаткан алардын терең трансформациясын изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгына төмөнкүдөй жеке учурларды таандык кылууга болот:

-тарыхый процесстин жүрүшүндө болуп жаткан «Батыш» жана «Чыгыш» категорияларынын чечмеленишинин өзгөрүүлөрүнө социалдык-философиялык талдоо жүргүзүлдү;

-Батыштын өнүгүүсүн индустриалдык доорду карай алдыга озуусун шарттаган себептердин бир катары ачылып, сунушталды;

- Чыгыш менен Батыштын парадигмаларынын заманбап өзгөрүүлөрү ачылып берилди;

- кыргыз элинин исламды кабыл алуусу менен шартталган салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүсү талдоого алынды;

-тарыхтын жаңы мезгилиндеги салттуу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүлөрү ачылып берилип, талдоого алынды.

**Колдонуу тармагы.** Диссертациянын материалдары, андан тышкары изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык ыкмылары, принциптери, жоболору, корутундулары менен натыйжалары социалдык философия, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу, дүйнөлүк маданияттын тарыхы, глобалистика жана башка гуманитардык предметтер боюнча атайын курстарды түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Бейшеновой Айсулуу Тилековны на тему: «Дихотомия «Восток-Запад»: новые реалии и парадигмы» представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия.**

**Ключевые слова:** дихотомия, реалии, парадигмы, традиционность, трансформация, культура, цивилизация, принципы, идеи, ценность.

**Объектом** данного исследования в соответствии с темой исследования выступают такие суперцивилизации, как Восток и Запад, состоящие в определенной дихотомической связи. **Предметом** исследования являются связи, особенности и закономерности трансформации как реальности, так и парадигм, связанных с указанными феноменами.

**Основной целью исследования** является социально-философский анализ трансформаций традиционных парадигм Востока и Запада, рассматриваемых в дихотомической связи, выяснение их современного соотношения, а также анализ изменений парадигм, связанных с кыргызским этносом.

**Теоретическая и практическая значимость исследования** состоит в расширении и углублении социально-философских знаний о причинах и характере современных трансформаций классической дихотомии «Восток – Запад» и изменении соответствующих данной дихотомии парадигм. Материалы диссертации, а также выводы и положения исследования, обобщенные в социально-философскую концепцию, могут быть использованы при анализе современных отношений между народами государствами Азии, в том числе Кыргызстана с остальными народами и государствами мира.

**Научная новизна исследования.** В философской мысли Кыргызстана до настоящего времени не проводились исследования дихотомической связи между двумя основными за всю историю человечества суперцивилизациями, каковыми являются «Восток» и «Запад», и их глубокой трансформации, происходящей в настоящее время.

К научной новизне исследования можно отнести и следующие частные моменты:

– был проведен социально-философский анализ изменений трактовок категорий «Запад» и «Восток», происходивших по ходу исторического процесса;

– был выявлен и предложен новый ряд причин, обусловивших опережающее развитие Запада в индустриальную эпоху;

– были выявлены современные изменения парадигм Востока и Запада;

– были подвергнуты анализу изменения парадигмы традиционного кыргызского общества, обусловленные принятием кыргызским народом ислама;

– были выявлены и подвергнуты анализу изменения парадигмы традиционного кыргызского общества в новейший период истории.

**Область применения.** Материалы диссертации, а также теоретико-методологические подходы и принципы, положения, выводы и результаты исследования могут быть использованы при создании специальных курсов по социальной философии, философии культуры, истории философии, культурологии, истории мировой культуры, глобалистике и других гуманитарных дисциплинах.

**SUMMARY**

**dissertation of Beishenova Aisuluu Tilekovna on the topic: "East-West Dichotomy: New Realities and Paradigms" submitted for the degree of Doctor of Philosophy in the specialty 09.00.11 - Social Philosophy.**

**Keywords:** dichotomy, realities, paradigms, traditionalism, transformation, culture, civilization, principles, ideas, value.

**The object of this study**, in accordance with the topic of the study, is such supercivilizations as East and West, consisting in a certain dichotomous connection. **The subject of** the study is the relationship, features and patterns of transformation of both reality and paradigms associated with these phenomena.

**The main goal of the study** is a socio-philosophical analysis of the transformations of the traditional paradigms of the East and the West, considered in a dichotomous connection, clarification of their modern correlation, as well as an analysis of paradigm changes associated with the Kyrgyz ethnic group.

**The theoretical and practical significance of the st**udy consists in expanding and deepening socio-philosophical knowledge about the causes and nature of modern transformations of the classical East-West dichotomy and changing the paradigms corresponding to this dichotomy. The materials of the dissertation, as well as the conclusions and provisions of the study, summarized in a socio-philosophical concept, can be used in the analysis of modern relations between peoples of Asian states, including Kyrgyzstan, with other peoples and states of the world.

**The scientific novelty of the study**. In the philosophical thought of Kyrgyzstan, no dichotomous connection between the two major supercivilizations in the history of mankind, such as the “East” and “West”, and their profound transformation, which is taking place at present, has been conducted to date.

The following particular points can be attributed to the scientific novelty of the study:

- a socio-philosophical analysis of changes in interpretations of the categories “West” and “East” that occurred during the historical process was carried out;
- a new series of reasons was identified and proposed that determined the rapid development of the West in the industrial era;
- Modern changes in the paradigms of East and West were revealed;
- The changes in the paradigm of traditional Kyrgyz-Kyz society, due to the adoption of Islam by the Kyrgyz people, were analyzed;
- The paradigm changes of traditional Kyrgyz society in the newest period of history were identified and analyzed.

**Application area.** The dissertation materials, as well as theoretical and methodological approaches and principles, provisions, conclusions and research results can be used to create special courses in social philosophy, cultural philosophy, history of philosophy, cultural studies, history of world culture, global studies and other humanitarian disciplines.